# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ЯНВАРЬ 2017 | № 1 (62) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:


### Социалдык кызмат көрсөтүүлөр

Кыргыз Республикасында жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү реформалоонун концепциясы ........ 3

Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү деинституционалдаштыруу (интернаттардан жарым стационардык кызмат көрсөтүүлөргө өтүү): Украинанын тажрыйбасы ........ 7

### ЖӨБдүн философиясы

ЖӨБдүн эволюциясы карама-каршылыктардын өнүмү катары жана ЖӨБдү өнүктүрүүнүн философиялык өңүттөрү ........ 11

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамга сандык баа берүү. Объект ыкмасы ........ 15

### ЖӨБ кызмат көрсөтүүлөрү

Муниципалитеттин жетекчисине: инженер болбошуң мүмкүн, бирок менеджер болууга милдеттүүсүң! ........ 19

Кочкорбаев АА: жаңыланган суу мунарасы ........ 22

Кызыл-Октябрь АА: "кайра калыбына келтирилген" "Келечек" бала бакчасы ........ 24

### ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары

ЖӨБ органдары чечим кабыл алып жатканда жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуу боюнча Чүй облусунун муниципалитеттери үчүн тренингдер өттү ........ 26

Пресс-сессия. ЖӨБ: коммерциялашуу – бул дотациядан чыгуунун жолу эмес ........ 27

Бюджеттер аралык мамилелер чөйрөсүндө коррупцияга каршы туруу: жыйынтык барбы? ........ 28

Чүй облусундагы алты айылдык аймак үчүн муниципалдык сайттар түзүлдү ........ 29

### Экономикалык журналистика

Өз миссиясын баамдай алганы – төртүнчү бийликтин күчү ........ 30



Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге дарекгелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

**Кыргызстанда эки жылдан бери социалдык өнүгүү жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү маселелери менен алектенген эксперттердин жана уюмдардын бейформал бирикмеси иштеп жатат. Бирикмеге Өнүктүрүү саясат институтунун (ӨСИ) атынан Надежда ДОБРЕЦОВА менен Бекболот БЕКИЕВ, КРда балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча КЭУ Ассоциациясынын атынан Наталья ШИПП (бул тема менен тикелей алектенген же жеринде ошондой көйгөйгө туш болгон өлкөнүн бардык аймактарындагы 18 бейөкмөт уюмдардын мүчөлөрүн кошкондо), Балдарды коргоо борборунун атынан Мира ИТИКЕЕВА, көз карандысыз эксперттер Назгуль ТАШПАЕВА, Джамиля СОПУКЕЕВА, ошондой эле ЮНИСЕФтин социалдык саясат боюнча программасынын жетекчиси Гульсана ТУРУСБЕКОВА киришти. Союз талаштан кийин пайда болгон: бир нече жыл мурда ӨСИ жана “балдар” уюмдары оор турмуштук кырдаалда калган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо жана эсепке алуу үчүн жоопкерчиликти ЖӨБ органдарына жүктөө маселеси боюнча оппонент катары чыгышкан. Анткен менен талкуу процессинде Кыргыз Республикасында социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү туруктуу каржылоо механизмдерин кошкондо, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү пландоо жана ишке ашыруу системасы кандай болуш керек, мында мамлекет, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана бейөкмөт сектор кандай ролду ойнош керек деген жалпы көз караш жаралган.**

**2016-жылдын соңунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттык сактоо комитети Кыргыз Республикасынын калкынын социалдык-аярлуу катмарлары үчүн жарым стационардык мекемелеринин социалдык кызмат көрсөтүүлөр рыногун туруктуу өнүктүрүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча Жумушчу топ түзгөн (ЖК Комитетинин 2016-жылдын 2-ноябрындагы №6-26213/16 чечими).Топтун жетекчиси болуп ЖК депутаты Наталья НИКИТЕНКО дайындалды. Бейформал бирикменин мүчөлөрү аталган жумушчу топтун курамына киришти. Ошондой эле жумушчу топту колдоо максатында түзүлгөн эксперттик топтун мүчөлөрү болуп калышты.**

**“Муниципалитет” журналынын окурмандарынын назарына жумушчу топтун кароосуна жиберилген реформанын концепциясын сунуштайбыз.**





# Кыргыз Республикасында жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдө реформалоонун КОНЦЕПЦИЯСЫ

Ар бир өлкөнүн, анын ичинде Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсү көп учурда адамдык капиталдын бар болгонунан жана анын сапатынан, ошондой эле өндүрүмдүү эмес (текке кеткен) чыгымдардын көлөмүнөн көз каранды болот. Мындай чыгымдардын ичине социалдык өнүгүүгө кеткен чыгымдар да кирери талашсыз. Мамлекеттик башкаруу жана социалдык өнүгүү жөнүндө заманбап илим далилдегендей, мамлекеттин социалдык саясаты жөлөк пул түрүндө түз жардам берүүгө эмес, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн ар кандай түрлөрүн жеткирүүгө негизделип түзүлүшү керек. Мындай саясат күнүмдүк чыгашаларга карата гана үнөмдүү болбостон, ошону менен бирге келечекте мамлекеттик бюджетке болгон жүктү азайтат. Чындыгында эле ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды өмүр бою интернаттык мекемеде кармаганга караганда, алар өз жанын өзү багып, кесипке ээ болгондо гана мамлекетке бир кыйла жеңил болмок. Эгерде үй-бүлөдөгү зомбулуктан азап чеккен аял аракеч күйөөсүнүн колунан ажалын таппай, убактылуу жайда башпаанелесе, анда мамлекет соттук жана пенитенциардык чыгашалардан, жетим балдарды тарбиялоого кеткен чыгымдардан өтө чоң суммаларды үнөмдөп калмак. Мындай чечимдерди кабыл алуу мүмкүн жана заманбап мамлекетте кеңири колдонулуп жатат. Анткен менен аларды ишке ашыруу үчүн муктаждыктарды аныктоо жана интернаттыкка альтернатива болчу жарым стационардык социалдык кызматтарды көрсөтүү системасы зарыл. Мындай система шаарларда гана эмес, ошону менен бирге алыскы айылдарда да кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү камсыздап, Кыргыз Республикасынын бардык аймагында натыйжалуу иштеп кетиши керек.

## 2016-жылдагы кырдаал: жарым стационардык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктүн жоктугу

Жалпысынан Кыргыз Республикасынын аймагынын 70 пайызында муктаж болгон жарандарда – оор турмуштук кырдаалда калган балдарда жана үй-бүлөлөрдө, майыптуулугу бар балдарда жана улуу адамдарда, кары-картаңдарда – жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөргө физикалык жеткиликтүүлүгү жок.

**Социалдык кызмат көрсөтүүлөргө физикалык жеткиликтүүлүктүн жоктугу.** 2016-жылы 150нүн тегерегинде муниципалитеттин жашоочуларында гана жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк болгон. Башкача айтканда, өлкө аймагынын дээрлик 70% стационардык эмес типтеги социалдык кызмат көрсөтүүлөргө физикалык жеткиликтүүлүк болгон эмес. Айрым бааларга[1] ылайык, Кыргыз Республикасында 100 миңден 400 миңге чейин адам социалдык кызмат көрсөтүүлөргө муктаж. Анткен менен, бул муктаждыктар эң минималдуу даражада канааттандырылган же такыр эле канааттандырылган эмес (муктаждардын 2% гана стационардык эмес социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгү бар)[2].

**Мамлекеттик каржылоонун жетишсиздиги.** Интернаттыкка альтернативалуу социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоо мамбюджеттин социалдык коргоого кеткен жалпы чыгашаларынан эч качан 0,1% ашкан эмес (бул каржылоо мамлекеттик социалдык тапшырыктын – МСТнын алкагында берилет). Бул такыр эле жетишсиз, мындай кызмат көрсөтүүлөргө кеткен каржылоону бир кыйла көбөйтүү зарыл. Кыргызстандан социалдык коргоо түрдүү жөлөк пулдарды төлөп берүү жана интернаттык (стационардык) мекемелерди күтүү формасында гана иштеп келатат. Жергиликтүү бюджеттер мындай кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоого укугу жок. Анткени алар мамлекеттин ыйгарым укуктарына кирет (жергиликтүү бюджеттен турмуш-тиричи-

[1] Муктаждыктарды баалаганда Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин маалыматтарына жана социалдык жөлөк пул алгандардын маалыматына таянса болот. Анткени алар да социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн ыктымал керектөөчүлөрү болуп эсептелет.

[2] Төм. эсептен улам чыкты: эгерде муктаждардын саны 400 миң адам болсо, ал эми 6000 адамда гана жеткиликтүүлүк болсо (кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын саны тууралуу ЭСӨМ сайтында жарыяланган маалыматтар боюнча: http://www.mlsp.gov.kg/?q=ru/perechennko).

***1-таблица. Мамбюджеттин социалдык коргоого жумшаган жалпы чыгашаларында МСТны каржылоонун үлүшү[1]***

| | 2011-ж. | 2012-ж. | 2013-ж. | 2014-ж. | 2015-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Социалдык коргоого чыгашалар – баары, млн. сом менен | 14272,3 | 17498,5 | 20389,3 | 23333,6 | 24813,1 |
| Стационардык эмес кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоонун суммасы, миң сом менен | 12769,3 | 12787,6 | 13815,7 | 22430,3 | 22431,4 |
| Социалдык коргоого кеткен жалпы чыгашаларда стационардык эмес кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшү, пайыздар менен | 0,089 | 0,073 | 0,068 | 0,096 | 0,090 |

[1] Улуттук статистика комитетинин жана КР ЭСӨМ маалыматтары боюнча эсептелди.

ликке жардам берүүнүн бир аз каржылаган мисалдар бар. Мисалы, жалгыз бой жашаган карыларга көмүр сатып берүү).

**Мамлекеттик каражаттарды интернаттык мекемелерге багыттоо.** Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик концепциясы Кыргыз Республикасында социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногун түзүүгө жол берди. Мында мамлекеттик, муниципалдык, жеке коммерциялык эмес жана коммерциялык уюмдар жеткирүүчү боло алышат. Мамлекеттик жана мамлекеттик эмес жеткирүүчүлөрдүн саны болжол менен бирдей эле. Анткен менен жеке жеткирүүчүлөр өзүнө жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн 72 пайызын алса, мамлекеттик жеткирүүчүлөр 65 пайыздан ашык интернаттык кызматтарды көрсөтөт.

**Жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыктарды аныктоо системасынын жоктугу.** Жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөргө муктаж болгон артыкчылыктуу топтор: оор турмуштук кырдаалда калган балдар жана үй-бүлөлөр; майыптуулугу бар адамдар; кары-картаңдар[1]. Кыргыз Республикасынын аталган максаттуу топторунун социалдык кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыктары тууралуу так маалыматтар жок. Анткени бул муктаждыктарды эсепке алуу системасы түзүлгөн эмес. Муктаждыктарды аныктоо жана эсепке алуу милдети формалдуу түрдө ЖӨБ органдарына жүктөлгөн. Бирок бул милдет тиешелүү түрүндө аткарылбай жатат. Биринчиден, ЖӨБ органдары муктаждыктарды аныктап, эсеп жүргүзүүгө кызыкдар эмес. Себеби андан ары кызмат көрсөтүү алардан көз каранды эмес (алар аярлуу топко алсыз көрүнүшөт). Экинчиден, мамлекет бул жумуштарды каржылабайт.

**Иштеп жаткан кызмат көрсөтүүлөрдүн туруксуздугу.** Жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн 72 пайызын мамлекеттик эмес жеткирүүчүлөр ишке ашырат. Алардын көбү эл аралык донорлордун долбоорлорунун эсебинен түзүлгөн жана иштеп жаткан коммерциялык эмес уюмдар болуп эсептелет. Бул болсо кызмат көрсөтүүлөрдү өтө эле туруксуз кылууда, себеби уюмдар долбоор иштеген учурда гана кызмат көрсөтө алышат. Долбоор жыйынтыкталгандан кийин көпчүлүк борборлор жабылып калууда. Борборлор үчүн мамлекеттик каржылоого ээ болуунун жалгыз мүмкүнчүлүгү – мамлекеттик социалдык тапшырык. Бирок тапшырыктарды бөлүштүрүү өркүндөтүлбөгөн шарттарда бул маселе чечилбей жатат. Мындай борборлорду күтүү үчүн жоопкерчиликти ЖӨБ органдарына жүктөп коюу тенденциясы бар. Бирок бул колдонуудагы мыйзамдарга карама-каршы келет. Ошондуктан КР Эсептөө палатасы ЖӨБ органдарын мындай борборлорду жергиликтүү бюджеттен каржылоону токтотууга мажбурлап, ЖӨБ органдарына айып салууда.

## Жарым стационардык кызмат көрсөтүүлөрдүн сунушталган системасы

Сунушталган система мамлекеттин, бизнестин жана коомдук сектордун укуктук мамилелер системасына толугу менен кирет, Кыргыз Республикасында мамлекеттик башкаруу саясатында ишке ашырылган айрым бир жалпы узак мөөнөттүү тенденцияларга жана концепцияларга шайкеш келет. Тагыраак айтканда:

- социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү деинституционалдаштыруу концепциясы;
- социалдык коргоону өнүктүрүүү концепциясы;

***1-диаграмма. Кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү жана жеткирүүчүлөрдүн менчик формалары боюнча социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн структурасы***




[1] Кыргыз Республикасынын калкын социалдык коргоону өнүктүрүүнүн 2015-2017-жылдарга программасына ылайык.

- мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр концепциясы;
- жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү концепциясы;
- аймактык саясаттын концепциясы;
- мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн, мамлекеттин бизнес жана коомдук сектор менен кызматташтыгынын концепциясы.

Аталган концепцияларга ылайык, Кыргыз Республикасында социалдык кызмат көрсөтүүлөр рыногу түзүлгөн. Анткен менен калктын муктаж болгон категориясы тарабынан физикалык жеткиликтүүлүктүн чегинде, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде социалдык инфраструктуранын жоктугунан улам бул рынок бардык иш жүзүндөгү муктаждыктарды канааттандыра албайт. Жалпак тил менен айтканда, мамлекет аярлуу жарандардын жашаган жери боюнча жарым стационардык кызмат көрсөтүүлөргө укуктары бар болгонун жарыялаганы менен, мамлекеттик бюджетте бул үчүн каражаттар бар болсо да, иш жүзүндө бул милдеттенмелерин аткарбай жатат.

**Кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү камсыздоо үчүн система кандай болууга тийиш?**

Система өзүнө жарым стационардык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн түрдүү категориясын камтышы керек. Алардын ар бири өз сектору же муктаж болгон топтор менен алектенүүгө тийиш. Тапшырыкчы катары мамлекет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы чыгышы керек. Алар бул кызмат көрсөтүүлөрдү каржылаганы менен, методологиялык жактан камсыздоо, стандарттарды бекитүү (мамлекет), ошондой эле кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына мониторинг жана баалоо жүргүзүү (мамлекет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу) өзүндө калышы керек. 1-сүрөттө системанын схемалык көрүнүшү берилди.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши.** Жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын мыйзамдык укуктарын жана мындай кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүн бекитет. Зарыл болгон учурда эл аралык стандартарга жана талаптарга ылайык милдеттенмелерди кабыл алат. Узак мөөнөттүү мезгилге социалдык өнүгүүнүн стратегиялык багыттарын аныктайт. Жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөр (ЖСК) жана аларды жеткирүү системасынын мыйзам чыгаруу алкактарын белгилейт. Мында систе-

***1-сүрөт. Жарым стационардык кызмат көрсөтүүлөрдүн (жеткирүүнүн) системасы***



манын ар бир катышуучусунун ролун жана жоопкерчилигин аныктайт. Мыйзамдардын аткарылышын контролдойт. Бюджет жөнүндө жылдык мыйзамда ЖСКны каржылоо көлөмүн бекитет.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтү.** Социалдык өнүгүүнүн күнүмдүк артыкчылыктарын аныктаган мамлекеттик программаларды бекитет. Жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоонун көлөмүн, анын ичинде ЖСК боюнча ЖӨБ органдарына берилген ыйгарым укуктарды каржылоонун көлөмүн белгилейт. Жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүү сапатынын стандарттарын, регламенттерин жана аларды каржылоо стандарттарын бекитет. ЖСКга мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн сапаттык жана сандык индикаторлорду белгилейт.

**Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги.** Социалдык өнүгүү боюнча мамлекеттик программаларды иштеп чыгат жана КР Өкмөтүн жиберет. Ал мамлекеттик программаларда ЖӨБ органдары берген суроо-талаптардын базасында географиялык алкакта аярлуу топтордун артыкчылыктары жана муктаждыктары эсепке алынат. ЖСКнын стандарттарын, кызмат көрсөтүүлөрдүн регламенттерин жана каржылоонун стандарттарын, көлөмдөрүн иштеп чыгат жана КР Өкмөтүнө жиберет. ЖӨБ органдары жарым стационардык социалдык кызматтарды көрсөтүү боюнча берилген ыйгарым укуктарды аткарган учурда аларга методологиялык жактан көмөктөшөт. ЖСКга мониторинг жүргүзөт жана жарым стационардык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты менен көлөмүн өкмөт белгилеген сапаттык жана сандык индикаторлорго канчалык шайкеш келгенин баалайт. Кызмат көрсөтүүнү тикелей уюштурбайт жана ишке ашырбайт!

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары.** Калктын жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыгын аныктайт жана эсеп жүргүзөт. Социалдык өнүгүүнүн жергиликтүү саясатын иштеп чыгат. Ал социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын бир бөлүгү болуп эсептелет жана эки бөлүктөн турат: жергиликтүү маанидеги маселелерге ылайык, жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланган бөлүгүнөн жана ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү аркылуу мамлекеттик бюджеттен каржыланган бөлүгүнөн. Муниципалитеттин аймагындагы аярлуу топторго жана алардын жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөргө болгон муктаждыгына жараша Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин дарегине маалыматтык суроо-талаптарды түзөт. Муниципалитеттин аймагында өз каражаттарынын эсебинен да (жергиликтүү маанидеги маселелердин чегинде), жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүү боюнча мамлекет берген ыйгарым укуктарды каржылоо үчүн республикалык бюджеттен берилген трансферттердин эсебинен да ЖСК уюштурат. Жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү муниципалдык мекемелерге (чакан муниципалитеттерде жана муниципалитеттер аралык кызматташтыктын негизинде), же мамлекеттик эмес жеткирүүчүлөргө (ири муниципалитеттерде) өткөрүп берет. Муниципалитеттин аймагында ЖСКга мониторинг жана баалоо жүргүзөт. Берилген ыйгарым укуктардын алкагында жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөр тууралуу Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине отчет берет.

**Жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик жеткирүүчүлөр.** Райондун деңгээлинде жана айрым шаарларда атайын кадрдык потенциалды талап кылган тар адистештирилген жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жана жеткирүү менен алектенет. Ошондой эле муктаж болгон айрым топторго жарым стационардык социалдык кызматтарды көрсөтөт. Мисалы, логопеддин, дефектологдун, реабилитологдун ж.б. адистердин кызмат көрсөтүүлөрү, ошондой эле согуштун, этностор аралык жаңжалдардын же кырсыктын курмандыктары үчүн жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөр. Өлкөнүн ири муниципалитеттеринде жана район борборлорунда гана иштешет.

**Жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү муниципалдык жеткирүүчүлөр.** Жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын эсебинен да (жергиликтүү маанидеги маселелердин чегинде), ЖСК боюнча мамлекет өткөрүп берген ыйгарым укуктарды каржылоо үчүн республикалык бюджеттен бөлүнгөн трансферттердин эсебинен да жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн муниципалдык мекеме түрүндө ЖӨБ органдарынын чечими менен түзүлөт. Көбүнчө ЖСКны мамлекеттик эмес жеткирүүчүлөрдүн рыногу көп жакшы өнүкпөгөндүктөн аны аутсорсингге берүү кыйын болгон чакан муниципалитеттерде иштешет.

**Жарым стационардык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик эмес жеткирүүчүлөрү.** ЖСКны калктын аярлуу категорияларына жеткирип, Мамлекеттик социалдык тапшырык жөнүндө жаңы мыйзамга ылайык, мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атынан мамлекеттик социалдык тапшырыкты аткарышат. Мамлекеттен алган МСТнын алкагында жалпы республикалык мааниге ээ болгон долбоорлорду аткарат жана кызмат көрсөтөт. Мисалы, кызмат көрсөтүүлөрдүн уникалдуу түрлөрүн, жаңы усулдарды иштеп чыгат, механизмдер менен усулдарды сынайт, саясатты иштеп чыгуу, социалдык өнүгүүгө мониторинг жана баалоо жүргүзүү максатында изилдөө жүргүзөт. МСТнын алкагында ЖӨБдүн атынан бир кыйла ири муниципалитеттерде иштейт. Бул болсо мамлекеттик социалдык тапшырыкты натыйжалуу жайгаштыруу үчүн атаандаштык чөйрөнү камсыздоо максатында жасалат.










# Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдө деинституционалдаштыруу (интернаттардан жарым стационардык кызмат көрсөтүүлөргө өтүү): Украинанын тажрыйбасы

Байланыш үчүн: **Надежда ТАТАРЧУК,**
Hope and Homes for Children уюмунун директору, Украина,
www.hopeandhomes.org.ua

Hope and Homes for Children уюму Украинада Балдарга жана үй-бүлөлөргө социалдык колдоо көрсөтүү Борборунда жамаат (район) деңгээлинде кызмат көрсөтүүлөрдүн комплексин түзүү аркылуу деинституционалдаштыруу (интернаттардан жарым стационардык кызмат көрсөтүүлөргө өтүү) моделин ишке ашыра баштады. Борбордун иши баланы үй-бүлөсүнөн ажыратпоого, реинтеграцияга (баланы биологиялык үй-бүлөсүнө кайтаруу) же балдарды үй-бүлөлүк формада тарбиялоого багытталган. Ар кандай себептерден улам үй-бүлөгө берилбей турган балдар үчүн Чакан топтук үй (ЧТҮ) түзүлөт. Андагы жашоо шарттары мүмкүн болушунча үй-бүлөдөгү шарттарга жакындаштырылган.

Борбордо жана ЧТҮда кызмат көрсөтүүлөр жергиликтүү жамааттын (райондун) жашоочуларынын муктаждыктарына ылайык түзүлөт жана түрдүү деңгээлдеги үй-бүлөлөрдү колдоого эсептелинген: тобокелдик тобундагы үй-бүлөлөр, көйгөйлүү үй-бүлөлөр жана кризистик үй-бүлөлөр. Эгерде бардык мүмкүн болгон варианттар колдонулуп, бирок өз үйүндө баланын өмүрү же саламаттыгы үчүн коркунуч жаралганда гана бала үй-бүлөсүнөн ажыратылат. Борбордо жана ЧТҮдө иш методикасы негизги көңүлдү баланын өз үй-бүлөсүн калыбына келтирүүгө бурат.

## Окуянын кыскача таржымалы жана проблематикасы

Украинада ар бир жергиликтүү жамааттын (райондун) деңгээлинде көйгөйлөрдүн жалпы спектри бар. Алар балдарды коргоонун колдонуудагы системасы менен чечилбейт. Ал эми бул система тарбиялоонун интернаттык формаларына негизделген. Көйгөйлөрдүн чөйрөсү төмөнкүлөр:

- интернаттык мекемелерди сактоо;
- ата-энелик укуктарынан ажыратылгандыктан ата-энесинин камкордугунан куру калган жетим балдардын санынын көбөйүү тенденциясы;
- тарбиялоонун үй-бүлөлүк формаларын өнүктүрүү боюнча системалуу жумуштардын жоктугу, мисалы, асырап алууга талапкерлерди, асырап алган ата-энелерди, тарбиялоочу ата-энелерди жана камкорчуларды тандап алуу;
- убактылуу жашаган жеринде кызмат көрсөтүүлөрдүн жокутугунан улам социалдык себептерден улам балдардын ооруканада болушу,
- оор турмуштук кырдаалда калган үй-бүлөлөрдүн санынын көптүгү. Алардын басымдуу бөлүгү социалдык көзөмөл алдында эмес;
- майып балдар жана алардын үй-бүлөлөрү үчүн колдоо көрсөтүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн жоктугу;
- балдар жана үй-бүлөлөр менен иштей турган мамлекеттик структуралар ортосунда өз ара аракеттенүүнүн жоктугу.

## Ийгиликтүү тажрыйба

Балдарга жана үй-бүлөлөргө социалдык колдоо көрсөтүү Борбору – бул жамааттагы үй-бүлөгө багытталган социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жыйындысы. Ал Чакан топтук үйлөр менен биргеликте деинституционалдаштырууну өткөрүп, интернаттык мекемелерди жабуу үчүн жергиликтүү жамаатка зарыл болгон кызмат көрсөтүүлөрдүн топтомун түзөт. Борбордо баланын жана үй-бүлөнүн жеке муктаждыктарына ылайык кызматтар көрсөтүлөт жана стационардык да, күндүзгү да болушу мүмкүн. Борбордо иштеген команданын курамында тар профилдүү адистер иштейт: психологдор, логопеддер, дене мүчөнү калыбына келтирүүчү реабилитолог, социалдык педагог, невролог. Бул адистер кызмат көрсөтүүлөрдү алуучуларга психологиялык, логопеддик, коррекциялык, медициналык-консультативдик жана реабилитациялык жардамдарды берүү аркылуу социалдык жумуштарды кеңейтишет.

Бардык адистердин иши баланын өз үй-бүлөсүн сактап калуусуна же калыбына келтирүүгө багытталган. Кызмат көрсөтүүлөр “ар бир конкреттүү учурду өзүнчө карап чыгуу” технологиясы боюнча ишке ашат жана кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын муктаждыктары менен ресурстарын баалоону, үй-бүлөдөгү кырдаалды жөнгө салуу үчүн иш-аракеттерди пландоону, үй-бүлө мүчөлөрүнүн керектөөлөрүн канааттандырууну, планды ишке ашырууну жана прогресске мониторинг жүргүзүүнү караштырат. Конкреттүү учурлар менен иш алып баруу мультидисциплинардык мамилеге негизделет. Бул болсо бардык зарыл болгон адистердин ишке тартылышын кепилдеп, жыйынтыкка эмес, алдыга коюлган максатка жетүүгө багыт алган. Борбордун тутумунда төмөнкүдөй бөлүмдөр иштейт.

Балдарды чукул жайгаштыруу бөлүмү (эң көп дегенде 3 ай жашайт) түрдүү себептерден улам, анын ичинде ташбоор мамилеге байланыштуу үй-бүлөсүнөн алынган балдарга, же ата-энесинин камкордугусуз калган балдарга стационардык кызматтарды көрсөтөт. Бул бөлүмдө адистер балдардын коопсуз, ыңгайлуу жашоосу үчүн болгон шарттарды түзүп беришет, аларга күнү-түнү кам көрүшөт, адистештирилген жардам беришет. Баланын үй-бүлөсүндөгү кырдаал менен таанышууга жана анын реинтеграциясына өзгөчө көңүл бурулат. Эгерде баланы өз үй-бүлөсүнө кайтаруу мүмкүн болбосо, анда анын кийинки жашай турган жери аныкталып, тарбиялоо маселеси чечилет. Баланы үй-бүлөдө тарбиялоо чечими кабыл алынганда аны асырап алчу ата-эне, камкорчулар тандалат, баланы жана анын келечектеги үй-бүлөсү буга даярдалат, баланы жаңы үй-бүлөгө жайгаштыргандан кийин тарбиялоонун үй-бүлөлүк формасына колдоо көрсөтүлөт.

Балалуу аялдар үчүн бөлүм (бул жерде эң көп дегенде 9 ай жашай алышат) оор, чукул кырдаалдарда калган балалуу аялдарга стационардык кызматтарды көрсөтөт жана аялдардын балдарынан баш тартуусуна жол бербөө максатын көздөйт. Бөлүмдө энелердин балдары менен чогуу жашоосу үчүн коопсуз шарттар түзүлгөн, социалдык, психологиялык жана юридикалык жардамдар берилет, аялдарга баланы кароо жана тарбиялоо боюнча көндүмдөр үйрөтүлөт, үй-бүлөнүн социалдык байланыштар тармагын активдештирүү жана түзүү, жоголгон байланыштарды калыбына келтирүү жана аялдын тегерегинде колдоо көрсөтүүчү чөйрөнү түптөө боюнча иштер жүргүзүлөт. Адистер үй-бүлөгө жамаатта өз алдынча турмуш курууга ыңгайлашууга жардам беришет.

Үй-бүлөнү колдоо кызматы оор турмуштук кыр-

даалда калган балдарга жана үй-бүлөлөргө баланы үй-бүлөсүнөн ажыратууну алдына алууга, үй-бүлөнү сактоого, ата-эненин өз балдарына кам көрүү мүмкүнчүлүктөрүн күчтөндүрүүгө, балдарды өнүктүрүүгө багытталган кызматтарды көрсөтөт. Кызмат көрсөтүүлөр Борбордун базасында да, мобилдик бригаданын жерине барып иштеген шарттарда да жасалат.

Эрте кийлигишүү кызматтары өзгөчө муктаждыктары бар балдар жана алардын үй-бүлөлөрү үчүн күндүзгү кызматтарды көрсөтөт. Бул кызмат көрсөтүүлөр баланын өнүгүүсүндөгү кемчиликтерди эрте аныктоо жана мындай балдарды тарбиялоодо жана окутууда ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн ата-энелерге жардам берүү максатын көздөйт. Өзгөчө муктаждыктары бар баланы тарбиялоо үчүн ата-энеде зарыл компетенцияларды калыптандырууга өзгөчө көңүл бурулат. Бул болсо балдарды атайын интернаттык мекемелерге жайгаштырууну алдын алууга жардам берет.

Чакан топтук үй – бул жетим балдарды жана ата-эненин кароосунан ажыраган балдарды үй-бүлөдөгүдөй шарттарга мүмкүн болушунча окшоштурулган жагдайларда тарбиялоо жана алардын социалдык адаптациясы үчүн кызмат көрсөтүүлөр. Чакан топтук үйдө бала жана анын үй-бүлөсү менен иш алып баруу үчүн түзүлгөн жеке пландардын методикасы боюнча балдар менен иш жүргүзүлөт. Ар бир жагдайды өзөктүк социалдык кызматкер өзүнчө карап чыгып, бала экөөнүн ортосунда байланыш түзүлөт. Баланын керектөөлөрүнө жана анын үй-бүлөсүнүн ресурстарына жараша маселени чечүүнүн үч варианты мүмкүн болот: баланын өз үй-бүлөсүнө реинтеграциясы, үй-бүлөлүк формада тарбиялоо, баланы өз алдынча турмушка жана жамаатта ийгиликтүү жашап кетүүгө даярдоо. Чакан топтук үйдө тейлей турган кызматкерлер жок болгондуктан балдар социалдык кызматкерлер менен чогуу тиричилигин жүргүзүшөт. Ар бир баланын өз турмушуна тиешелүү чечимдерди пландоо жана кабыл алуу процесстерине жигердүү катышуусу милдеттүү шарт болуп эсептелет. Мындай мамиле балдарды өз алдынча турмушка мүмкүн болушунча жакшы даярдайт.

Ошентип, балдар жана үй-бүлөлөр төмөнкүдөй жолдор менен социалдык колдоо алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат:

- өз үйүндө жамааттагы социалдык кызматкердин кызмат көрсөтүүлөрү аркылуу;
- "Үйдө жакшы" Борборунун күндүзгү бөлүмдөрүндө, үй-бүлөнү колдоо кызматтары жана эрте кийлигишүү кызматтары аркылуу. Бул жерде бир эле маалда оор турмуштук кырдаалда калган 60 балага жана үй-бүлөгө кызмат көрсөтүлөт. Эрте кийлигишүү кызматтары өзгөчө муктаждыктары бар балдарды интернаттык мекемелерге жайгаштырууну алдын алуу максатын көздөйт;
- Борбордун стационардык бөлүмдөрүндө – балалуу аялдар үчүн бөлүмдөрдө оор турмуштук кырдаалда калган 5 үй-бүлө жайгаштырылса болот (5 эне жана 15 бала); чукул жайгаштыруу бөлүмүндө бир эле маалда оор турмуштук кырдаалда калган (үй-бүлөсүнөн ажыраган, үйүндө зомбулук көргөн, туруктуу жашаган жеринен качып кеткен ж.б.) 28 муктаж бала (22 бала жана социалдык-психологиялык реабилитацияга муктаж болгон интернаттык мекемелердин 6 бүтүрүүчүсү) жайгаштырылса болот;
- чакан топтук үйдө ата-эненин камкордугу жок калган 10 бала тарбияланса болот.

## Стратегия жана ишке ашыруу

Жергиликтүү жамааттын деңгээлинде деинституционалдаштыруу стратегиясы жана кызмат көрсөтүүлөрдүн комплексин ишке ашыруу өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- жергиликтүү бийлик менен кызматташуу туралуу макулдашууга кол коюуну;
- жумушчу топту түзүп, аны окутууну;
- райондо балдарды коргоо системасындагы кырдаалга деталдуу талдоону, баласынан ажырап калуу тобокелдиги бар үй-бүлөлөрдүн муктаждыктарын баалоону; өзгөчө муктаждыктары бар балдар жашаган үй-бүлөлөрдүн муктаждыктарын баалоону;
- интернаттык мекемедеги ар бир баланын муктаждыктарын баалоону, алардын туугандары менен байланыштарды издөөнү жана колдоону, реинтеграция же баланы асырап ала турган үй-бүлөнү табуу мүмкүнчүлүктөрүн караштырууну; балдар менен иштөө – аларды өзгөрүүлөргө жана башка жакка көчүрүүгө даярдоо;
- ар кандай себептерден улам баласын алдырган үй-бүлөлөр менен иштөөнү, баланын өз үй-бүлөсүнөн ажырап калуусун болтурбоону жана үй-бүлөнү сактап калууну;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн дизайнын жамааттын муктаждыктарына ылайык иштеп чыгуу, имараттарды калыбына келтирүү, кызмат көрсөтүүлөр үчүн жайларды даярдоо;
- үй-бүлөлөр жана балдар менен иш алып барууга тиешеси бар болгон бардык структуралардын өз ара аракеттенүү механизмдерин киргизүү;
- жамаатта үй-бүлөлөр менен алдын алуу иштерин күчөтүү үчүн социалдык кызматкерлерди окутуу;
- балдар жана үй-бүлөлөр менен иштеген мекемелердин жана башка структуралардын персоналын иштеги жаңы ыкмаларга окутуу;
- райондук, мамлекеттик деңгээлде балдарды коргоо системасына Балдарга жана үй-бүлөлөргө социалдык колдоо көрсөтүү Борборун жана Чакан топтук үйдү киргизүү.

***Үнөмдүүлүгү, финансылык туруктуулугу (Днепропетровск районунун мисалында)***

| | “Үй-бүлө” Днепропетровск райондук балдар үйү. (2014-жылы жабылган. 2013-жыл үчүн маалыматтар). | Днепропетровск райондук “Үйдө жакшы” Балдарга жана үй-бүлөлөргө социалдык колдоо көрсөтүү Борбору (2015-жыл үчүн маалыматтар) | “Менин үйүм” Чакан топтук үй (2015-жыл үчүн маалыматтар) | Жаңы түзүлгөн кызмат көрсөтүүлөр боюнча жалпы сандар |
|---|---|---|---|---|
| **Жылдык бюджети** | **3 млн. 600 миң грн.** | **2 млн. 700 миң грн** | **720 миң грн.** | **3 млн. 420 миң грн.** |
| **Бир жыл ичинде кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулардын саны** | **50 бала** | **1244 алуучу** | **16 бала** | **1260 алуучу** |
| **Штаттык бирдиктердин саны** | **48,5** | **39** | **9** | **48** |

## Жетишкендиктер жана жыйынтыктар

Балдар укуктарын коргоонун натыйжалуу моделин даярдоо мындай практиканын негизги жыйынтыктары болуп эсептелет. Мында жумуштар баланын кызыкчылыгына чечим кабыл алууга негизделет. Балага тиешелүү бардык чечимдер анын муктаждыктарын жана анын үй-бүлөсүнүн ресурстарын баалоону эсепке алуу менен кабыл алынат. Бала менен иштөөнүн максаты – анын үй-бүлөдө жашай алуусун камсыздоо.

Борбор иштеген 1 жыл ичинде жасалган жумуштардын сандык жыйынтыктары (Днепропетровск районунун мисалында):

- социалдык кызматкерлердин жамаатта жасаган иштеринин натыйжасында 65 үй-бүлөдөн 129 баланы алып коюуга жол берилген эмес;
- чукул жайгаштыруу кызматынын адистери жасаган иштердин натыйжасында 17 бала реинтеграцияланган, 14 бала тарбиялоонун үй-бүлөлүк формаларына жайгаштырылган, 3 бала чакан топтук үйгө которулган;
- 7 эне 11 баласы менен эне жана бала бөлүмүнөн кийин жашаган жери боюнча жамаатка ийгиликтүү түрдө реинтеграцияланган;
- өзгөчө муктаждыктары бар 34 бала үчүн эрте кийлигишүү кызматында реабилитациялоо боюнча жеке программалар даярдалып, ишке ашырылган;
- үй-бүлөнү колдоо кызматтарынын адистеринин жардамы менен 447 баланы үй-бүлөсүнөн ажыратууга жол берилген эмес;
- “Менин үйүм” чакан топтук үйдүн 16 тарбиялануучусунун ичинен 1 баланы асырап алышкан жана 5 бала окууга өтүп, коомго ийгиликтүү интеграцияланган.

Борбор иштеген учурдан бери бир дагы бала интернаттык мекемеге жайгаштырылган эмес.

## Туруктуулук (стабилдүү жыйынтыкты камсыздоо)

Үй-бүлөгө багытталган кызмат көрсөтүүлөрдү түзүп, ошол эле маалда интернаттык мекемелерди жабуу модели жамааттарда да, улуттук деңгээлдерде да деинституционалдаштыруу үчүн ийгиликтүү механизм болуп эсептелет.

Борбор райондук коммуналдык мекеме болуп эсептелет жана жергиликтүү бюджеттен каржыланат[1].

## Өнөктөштүк, Лидерлик, жамааттын катышуусу жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү

Модель райондук деңгээлде балдарды коргоо системасынын бардык катышуучуларынын өз ара аракеттенүүсүн күчөттү, балдарды коргоо системасына балага тиешелүү чечимдерди системанын эмес, баланын кызыкчылыктарында кабыл алуу механизмин киргизди.

Жамаатта үй-бүлөгө багытталган кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү балдардын жана үй-бүлөлөрдүн муктаждыктарына адекваттуу жана натыйжалуу жооп кайтаруу мүмкүнчүлүгүн берет; кызмат көрсөтүүлөр жамаат муктаждыктарын эсепке алуу менен түзүлгөн[2].

## Социалдык, саясий жана финансылык мобилдештирүү

Жамаат деңгээлинде мындай практиканы ийгиликтүү жайылтуу уюмдарга облус деңгээлинде балдарды коргоо системасын реформалоо боюнча долбоорду баштоого жол ачты.

[1] Украинада буга мыйзамдар менен уруксат берилген. Себеби социалдык кызматтарды көрсөтүү боюнча ыйгарым укуктарга мамлекет да, жергиликтүү башкаруу органдары да ээ. Ушуну менен бирге бюджеттер аралык система башкаруу деңгээлдери ортосундагы ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү системасы өңдүү эле Кыргыз Республикасындагы шарттардан кескин айырмаланат. Бул мисалды жарыялоонун максаты – социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү толугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жоопкерчилигине өткөрүп берүү зарыл экенин көрсөтүү эмес, алар бийликтин күчү менен жергиликтүү жамааттын деңгээлинде уюштурулугу керектигин көрсөтүү. Ал эми каржылоо жана Кыргызстандагы органдар менен бийлик деңгээлдери ортосундагы жоопкерчиликти бөлүштүрүү механизмдери өлкөнүн мыйзамдарына жана башкаруу системасына шайкеш келүүгө тийиш (буга чейинки макаланы караңыз).

[2] Бул жерде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү жамааттарында, өзгөчө тоолуу жана алыскы аймактарда мындай кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү жамааттын бардык мүчөлөрүнө олуттуу түрдө оң маанайдагы психологиялык таасир тийгизе турганын кошумчалай кетүү зарыл. Себеби жамаат мүчөлөрүндө күтүлбөгөн жагдайларда кандайдыр бир кыйынчылыктар пайда болсо алардын балдары жана үй-бүлөлөр ажыратылбайт деген ишеним пайда болот.

**Бул макала философиялык изилдөө эмес. Ошентсе да "Муниципалитет" журналынын редакциясынын пикири боюнча, басып чыгарылууга татыктуу. Анткени жергиликтүү өз алдынча башкарууну кыргызстандык медиа-талаа үчүн күтүүсүз ракурстан – философиялык көз караштан алып карайт. Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул башкаруу системасынын, бюрократиялык аппараттын, же чечим кабыл алуу системасынын бир бөлүгү болгонго карагандан да кыйла көбүрөөк экенин 2011-жылы эле жазган. Ошол маалда ЖӨБ – бул уникалдуу көрүнүш, ал адамдын өнүгүүсү үчүн көбүрөөк башкаруучу жана башкарылуучу чөйрөнү, болгондо да материалдык да (кызмат көрсөтүүлөр жана инфраструктура), материалдык эмес да (маданият, руханий жана психикалык саламаттык) чөйрөнү чагылдырат деген парадигма калыптанып калган. Бул макала ошол парадигманы өнүктүрүү менен жазылган жана ЖӨБдү изилдегендер үчүн кызыктуу болот. Ошондой эле макала жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдын жаңы редакциясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарылчылыгы күчөгөн чакта өзгөчө актуалдуу болуп турат.**

# ЖӨБдүн эволюциясы карама-каршылыктардын өнүмү катары жана ЖӨБдү өнүктүрүүнүн философиялык өңүттөрү

**Медет СУЛТАМБАЕВ**, ӨСИнин Мониторинг жана баалоо боюнча адиси

Узатылган суроонун өзү кызыктуу болуп турат: жергиликтүү өз алдынча башкаруунун (ЖӨБ) философиялык көйгөйү барбы? Эгерде бар болсо, анда аны кантип философиянын көз карашынан карайбыз? ЖӨБдү философиялык көз караштан кароонун практикалык мааниси эмнеде?

Адегенде бул макаланын алкагында философия түшүнүгүн аныктап алсак. Философиянын түрдүү аныктамалары бар: илимий дисциплина, аң-сезим формасы жана көз караш. Биринчиси: философия – бул реалдуулуктун жана таанып билүүнүн, адамдын тиричилигинин, адам менен дүйнөнүн мамилелеринин өзгөчө жалпы олуттуу мүнөздөмөлөрүн жана фундаменталдык принциптерин үйрөнгөн дисциплина. Экинчи вариант: философия – бул тиричиликтин жана адамдын дүйнөдөгү ордунун фундаменталдуу принциптери жөнүндө билим системасын иштеп чыккан коомдук аң-сезимдин формасы. Үчүнчү вариант: философия – бул биринчи кезекте адамдын субъективдүү көз карашы; анын өзү жана айланасындагы дүйнө тууралуу жеке түшүндүрмөсү жана өзүн түшүнүүсү. Мында тыштан кабыл алган кандайдыр бир билимге жана өз тыянактарына – жашоосундагы тажрыйбага негизделет. ЖӨБдүн философиялык өңүтүнө карата бардык үч аныктаманы тең колдонсо болот.

Ошондой эле ЖӨБдүн өзөктүк түшүнүгүн да аныктап алуу маанилүү. ЖӨБ деген эмне? Система катары ЖӨБ барбы жана анын мүнөздөмөлөрү кандай? Ал философиялык ой-толгоолордун предмети боло алабы? ЖӨБдү изилдөө үчүн философиялык мамилелерди жана аспаптарды колдонсо болобу?

ЖӨБ реалдуулукта бар, ал бизге көз каранды эмес. Мындан улам аны объективдүү дүйнөнүн бир бөлүгү катары изилдесе болот. Мисалы, ЖӨБдү өнүктүрүүгө карата эволюциялык мамиле да ЖӨБдү мезгил ичинде жана мейкиндикте өнүккөн объект катары түшүнүү үчүн чоң мааниге ээ. ЖӨБдүн эволюциялык өнүгүүсү ЖӨБ боюнча эксперттердин көптөгөн эмгектеринде чагылдырылган[1]. Бул эмгектерде системанын жөндөгүч механизмдеринин эволюциясын кошкондо, ЖӨБ эволюциясын этап-этапка бөлүүнүн түрдүү варианттары келтирилет. "Адамзаттык өнүгүү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көңүл чордонунда: бул жерде жана азыр!" аттуу Улуттук докладда да жөндөгүч механизмдерди өзгөртүүнүн жыйынтыктары кандай болгону жана алар кимдерге багытталган болсо, ошолорго кандай таасир тийгизгени тууралуу фактологиялык маалыматтар да берилген. Анткен менен бул көптөгөн көз караштардын бири. Башка авторлор башкача классификацияларды келтирет

[1] "Адамзаттык өнүгүү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көңүл чордонунда: бул жерде жана азыр!" улуттук доклады төм. шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://www.kg.undp.org/content/kyrgyzstan/ru/home/library/democratic_governance/nhdr-2012.html; Асанакунов Б. Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу: 20 жылдан кийин. Төм. шилтеме боюнча жеткиликтүү: http://old.kabar.kg/rus/society/full/20873.

жана этаптарга бөлүштүрөт. Ошентсе да академиялык деңгээлдеги аналитикалык баалоону камтыган бирдиктүү түшүнүк жана баары тарабынан кабыл алынган бөлүштүрүү жана логикалык баяндамасы азырынча жок. Мониторинг жана баалоо усулдары, бизнес процесстерди сүрөттөө усулдары, ошондой эле компьютердик программалардын жардамы менен ЖӨБ объекттерине жөнгө салуучу механизмдердин таасир тийгизүүсүн моделдештирүү академиялык изилдөөнүн аспаптары боло алмак.

Биздин тышыбыздагы реалдуулукта объективдүү түрдө бар болгон ЖӨБ түшүнүгүнүн философиялык мүнөзү ЖӨБдүн мыйзамдык аныктамасында чагылдырылышы керек. Кыргыз Республикасынын Конституциясы ЖӨБдү жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүү укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү катары аныктайт. Бул аныктама ЖӨБдүн маңызын канчалык терең чагылдырат жана ал дагы терең болушу үчүн өзгөртүү зарылбы? Бул философиялык суроо.

Бул суроого жооп таап, же жок дегенде буга аракет жасаш үчүн ЖӨБ системасынын субъекттерин жана объекттерин аныктап алуу маанилүү. Мамлекеттик башкаруу тууралуу илимдин салттуу түшүнүгүндө ЖӨБ системасынын субъекттери дегенде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, ал эми объекттери дегенде ЖӨБ органдары башкарган ресурстарды жана анын мүмкүнчүлүктөрүн түшүнөбүз. Калк же жарандар бир эле маалда субъекттин жана объекттин ролун аткарышат. Жарандардын жыйындысы катары калк субъект болуп эсептелет. Анткени өкүлчүлүктүү органды шайлоо аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкарууга бийлик берет. Ошол эле маалда өзүнчө жаран ЖӨБ белгилеген эрежелерге баш ийүүгө мажбур болгондо ЖӨБго карата объект ролунда чыгышы мүмкүн.

Ошентсе да эгерде бул системада объекттерге да, субъекттерге да экөөнүн ортосундагы байланыш таасирин тийгизбесе жана иштебесе, анда ал система болгон эмес. Бул байланыш жөндөгүч механизмдер болуп эсептелет. Ушуну менен бирге жөндөгүч механизмдер субъекттерге жана объекттерге таасирин тийгизип, системанын ичинде анын тышындагы маанилүү оюнчулар – мамлекеттик органдар, инвесторлор жана башкалар менен алардын арасындагы байланышты орнотот.

Тилекке каршы Кыргызстанда ЖӨБ системасынын ичиндеги мамилелерди жана ЖӨБ системасынын тышкы дүйнө менен мамилелерин өнүктүрүүнүн натыйжасында пайда болгон эмпирикалык материалга жасалган терең анализ жок. Системалуу изилдөөлөрдүн жоктугу ЖӨБ системасынын ичиндеги мамилелерге гана эмес, анын тышкы мамилелерине да кабыл алынып жаткан мыйзамдар кандай таасир тийгизип жатканын түшүнүүгө жол бербей жатат. Идеалында мыйзамдардагы ар бир өзгөртүүлөр мамилелерди дагы да сапаттуу деңгээлге көтөрүү менен спираль боюнча өнүгүү логикасын ээрчиши керек. Ушуну менен бирге таасир тийгизүүчү объекттердин өздөрүнө да жакшы жагына сапаттуу түрдө өзгөрүүгө жол берет. Анткен менен ар бир аракетти каршы аракет коштойт, ал мыйзам чыгаруу процессинде да чагылдырылышы мүмкүн. Бир жагынан борборлоштуруу (же саясий истеблишменттин бир бөлүгүнүн ага умтулуусу) жана эл бийлигин узурпациялоо, экинчи жагынан демократияны күчтөндүрүү – бул бир кыймылдын эки карама-каршы вектору болгонун, алар бардык деңгээлдерде, анын ичинде ЖӨБ деңгээлинде да мамилелер системасын өзгөртөөрүн түшүнүш керек. Бул процесс үзгүлтүксүз жүрүп турат, карама каршылыктардын кармашы прогрессти илгерилетет.

Эмесе, карама-каршылыктар системанын ичиндеги да, анын тышындагы да мамилелерде пайда болот. Бул карама-каршылыктар ЖӨБдүн философиялык талкуулар предмети болуп эсептелет. Бул карама-каршылыктар тууралуу эксперттик пикирлер (башкаруучулук, ресурстук, структуралык ж.б.) карама-каршылыктарды чечүүнүн альтернативалуу варианттары үчүн өбөлгөлөрдү түзөт. Альтернативалуу чечим эксперттик жамаат жана башка структуралар түзүлгөн кырдаалдарда ушул тарыхый учурда кабыл ала турган салыштырмалуу чындык болуп калат.

Философиялык талкуулардын предметин аныктап алгандан кийин суроолорго өтсөк болот. Мисалы: жарандын орду жана ЖӨБ системасы менен мамилелери кандай? адамдын ЖӨБ системасынан фундаменталдуу күтүүлөрү жана суроо-талаптары кандай? ЖӨБ системасы базалык адам баалуулуктарына жооп береби же кандай баалуулуктарга жооп бериши керек? философиянын объектиси катары ЖӨБ кандай болот? Бул тизмени ушундай мааниде уланта берсе болот.

Бир мисалды карап көрөлү. Кыргызстандын ар бир жараны муницилитетте – ЖӨБ органдары башкарган административдик-аймактык бирдикте – шаарда же айылда жашайт. ЖӨБдүн сонку максаты – бул ар бир адамдын бакубатчылыгына кам көрүү – көпчүлүк эксперттер ЖӨбдүн максатын дал ушинтип аныкташат эмеспи. “Бакубатчылык” түшүнүгү сыйымдуу, бирок бир түрдүү жана оң маанайдагы мазмунда. “Баары адам үчүн, баары адамдын жыргалы үчүн” ураанына ылайык, ЖӨБдүн материалдык да, финансылык да бардык ресурстары мындай максатка жетүүгө баш ийиш керек. Бирок бул максатка жеткенибизди билүү үчүн соңку жыйынтык кандай болууга тийиш?

Калктын туруктуу жаңылануусу үчүн шарттарды түзүү ЖӨБдүн ишинин соңку жыйынтыгы болууга тийиш. Мониторинг көз карашынан алып караганда, калктын жыл сайын көбөйүшү жакшы көрсөткүч болуп эсептелет. Тескерисинче, эгерде калктын өсүшү жыл сайын кыскарып жатса, анда ЖӨБдүн бардык аракеттери нөлгө чыгып калат. Эгерде жыл сайын айылдык аймактагы калктын саны кыскарып жатса, айыл калктуу конуш катары такыр эле жок болуп кетүү коркунучуна кабылса, анда ЖӨБ же мамлекеттик бийликтин

башка органдарынын ишинин маңызы калабы? Айылдын карапайым жашоочусу үчүн ЖӨБдүн баалуулугу жана мааниси эмнеде? Ал ЖӨБдү реалдуулук катары кабыл алабы? Философиянын негизги маселеси: ЖӨБдүн жашоо же бар болуу маңызы эмнеде? “Кагаздын реалдуулугу бар. Ал адабияттын реалдуулугунан чексиз айырмаланат. Кагаз жеген күбө көпөлөктүн аң-сезими үчүн адабият деген түшүнүк болбойт. Бирок Адамдын аң-сезими үчүн адабият кагаздын өзүнө караганда чоң мааниге ээ болот. Ушул өңдүү эле эгерде кайсы бир чындыктын адамдын аң-сезимине эч кандай сезимтал же рационалдуу тиешеси болбосо, анда биз тирүү жан бойдон калганга чейин ал түбөлүккө маанисиз бойдон кала берет”[1]. Ушул эле нерсени ЖӨБго карата да айтса болот.

Статистикалык маалыматтардын жыйынтыктары көрсөткөндөй, Жапонияда күн сайын калктын саны 160 кишиге азайып жаткан чакта, Кыргызстан калкынын саны күн сайын 106 кишиге көбөйүп турат. Мына ушундай эле кырдаалда Орусия да калган болчу. Бирок саясий кийлигишүүнүн жана жыйынды жөнүндөгү механизмдерди түзүү менен калктын өсүшүн 0,04% көбөйтүү мүмкүн болду.

Диллема жаралат. Жашоо деңгээли канчалык жогору болсо, төрөттүн өсүшү ошончолук аз болот.

***Өлкө боюнча калктын өсүшү тууралуу маалыматтар онлайн режиминде (калктын эсептегичи боюнча[1])***

| Өлкө | Бул жылы калктын санынын өсүшү | Калктын санынын бир күндө өсүшү | Жылдык өсүш |
|---|---|---|---|
| Кыргызстан | 1451 | 106 | 1,67 |
| Орусия | 887 | 65 | 0,04 |
| Жапония | -2208 | -160 | -0,12 |

[1] Булак: http://countrymeters

Демек, жашоо деңгээли канчалык жогору болсо, жок болуп кетүү тобокелдиги да ошончолук көп болобу? Жапонияда ЖӨБ калган мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдар сыяктуу эле экономикалык мүмкүнчүлүктөр күчтүү болгондо жарандар үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө (калкты жаңылоого) көмөктөшпөйбү? Ал эми Кыргызстанда экономикалык шарттар начар болгонуна карабастан калктын өсүшү үчүн мыкты шарттар түзүлдү деп түшүнсөк болобу? Философиялык суроо дал ушул – материалдык бакубатчылыкка умтулуу менен калктын өсүшү (төрөт саны) зарылдыгы кантип өз ара аракеттенет?

Адамдын биологиялык өзөгү калкты жаңылоо зарылдыгын талап кылса, социалдык өзөгү бул зарылдыкка карама-каршы келет. ЖӨБ системасында инструментарийлер оң да, терс да кесепеттерге ээ болушу мүмкүн. Бул эми ЖӨБ системасында тобокелдиктер падышалыгы. Ал эми аларды таанып-билүү да философиялык көйгөй болуп эсептелет. ЖӨБ негизинен адам үчүн турмуш шарттарынын сапатын, материалдык маданиятты (инфраструктураны) камсыздоо менен алектенет. Бирок ЖӨБ адамдардын баалуулук багыттарына таасир тийгизе албайт, бул максаттарга ЖӨБдө ресурс жок. Бул туура эмес. Биологиялык жана социалдык керектөөлөр муниципалдык өнүгүү программаларында бирдей даражада чагылдырылыш керек деген тыянак келип чыгат.

ЖӨБдүн башка бир философиялык өңүтү – ЖӨБ органдарынын өз системасынын ичинде жана тышында коомдук аң-сезимди калыптандыруу, ЖӨБ тууралуу билим жана баалоочу ой жүгүртүүнү бере алуу жөндөмдүүлүгү. Мисалы, жергиликтүү кеңештин депутаты же айыл өкмөт башчысы болуп шайланган жаран бир сапаттык абалдан экинчисине өтөбү, анын аң-сезими өзгөрөбү жана кантип өзгөрөт? Бул өзгөрүүлөрдү кантип өлчөсө болот? ЖӨБ системасынын өзү ЖӨБ органдарынын сандык жана сапаттык курамындагы өзгөрүүлөрдүн натыйжасында сапаттуу жакка өзгөрөбү? Мисалы, шаарларда партиялык шайлоолорду киргизүүнүн натыйжасында кандай өзгөрүүлөр болду? Депутаттардын санын 21 миңден 7 миңге чейин азайткандын натыйжасында сандан сапатка өтүү байкалдыбы? Эгерде өзгөрүү болбосо, анда сандан сапатка өтүү үчүн кандай өбөлгөлөр түзүлүшү керек?

Кийинки философиялык өңүтү – ЖӨБдүн келечеги. Ушул тапта ЖӨБ кандай мүнөздөмөгө ээ жана келечекте кандай мүнөздөмөлөргө ээ болушу керек? Жамаат тарабынан ЖӨБдөн күтүүлөр реалдуулукка дал келеби? ЖӨБ Элесин формулировкалоо аракети бул суроого жоопту жарым-жартылай бергендей болот. ЖӨБ Элесин 2016-жылы Өнүктүрүү саясат институту (“Муниципалитет” журналынын 2016-жылдын ноябрь айындагы чыгарылышын караңыз) түзгөнгө аракеттенген. Бул ошондой эле ЖӨБдү үйрөнүүнүн философиялык өңүтү да болуп кетет – келечекке көз чаптырып, ЖӨБдүн моделин белгилүү бир мүнөздөмөлөр менен түзүүгө аракет жасоо.

Балким ЖӨБ жасагандын баары конкреттүү аймакта калктын сапаттуу кеңейтилген жаңылануусуна гана багытталган болушу ыктымал. Бул таасир этүүнүн соңку көрсөткүчү узак мөөнөттүү планда өзөктүк болууга тийиш. Эгерде калктын сапаттуу кеңейтилген жаңылануусу ЖӨБ системасы болуп туруп жүзөгө ашырылбаса, анда система катары ЖӨБ өзүнөн өзү жок болуп кетет. Тескери кырдаал да мүмкүн. Мында аймактагы ресурстар түгөнгөнгө байланыштуу ал жердеги калктын санынын көбөйүшүн болтурбоо. Мындай учурда ресурстардын жетишсиздигинен улам калктын турмуш шарттарынын деградациясынын натыйжасында ЖӨБ жок болуп кетиши ыктымал. Буюмдар

[1] Конструктивизм адам тууралуу илимде жаңы парадигма катары. http://vphil.ru/index.php?option=com_content&task

дүйнөсүнүн өз ара байланыштар диалектикасы, бир нерсе экинчиси болмоюнча жашап кете албайт. Бул карама-каршы боло берет. Анткени ЖӨБ системасы өнүгүп, өркүндөтүлүп жатат. Бул карама-каршылыктар бар болгону тууралуу сөз кылууга негиз берет. Ал сыноолор жана каталар усулу менен эмес, күтүлгөн жыйынтыктарды болжолдоонун, илимий негизде алып салынышы керек.

Бул карама-каршылыктар жамааттын муктаждыктарын эсепке алып жөнгө салуучу механизмдерди түзүү жолу менен алынат. Философиялык көз караштан алганда жөнгө салуучу механизмдердин өздөрү сапаттык да, сандык да мүнөздөмөлөрдү талдоо объекттери болуп калат. Жөндөгүч механизм диалектикалык мамиленин объектиси болууга тийиш. Жаңы жөндөгүч механизм сандан сапатка өткөрүүгө тийиш. Мисалы, мыйзамдарды өзгөртүүгө карата: 4 жылда (2011-жылдан 2015-жылга чейин) шайлоо мыйзамдары 8 жолу, жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө мыйзамдар 6 жолу, ал эми ЖӨБ жөнүндө мыйзам 15 жолу өзгөргөн![1] Балким ЖӨБ жөнүндө мыйзамды мынчалык тездик менен өзгөртө бербестен, ЖӨБдү өзүнөн өзү өнүккөн жана өзүн өзү жөнгө салган система катары (Конституциянын алкагында) карап көрүү керектир. Ушуну менен бирге КР Жогорку Кеңешти микросубъектке – жергиликтүү кеңешке карата макросубъект катары караш керек чыгаар: бул – субъекттик-субъекттик мамилелер болот. Функционалдык параметрлер боюнча алар окшош эле көйгөйлөрдү окшош ыкма менен чечишет. Айырмасы масштабында – өлкө жана айылдык аймак. Субъекттик-субъекттик философиялык мамиле жана параллелдер жөндөгүч механизмдерди иштеп чыгууга карата жаңы методологиялык ыкма үчүн негиз боло алмак.

Диалектикалык четке кагуунун философиясы. Мында четке кагуу объекттин керексиз, атүгүл зыяндуу болуп калган бөлүктөрүн гана жок кылууну караштырган философияны ЖӨБ карата да колдонсо болот. Мисалы, ЖӨБ жөнүндө мыйзамды кайра-кайра өзгөртүүгө карата. Диалектикалык четке кагуу көз карашынан алганда бул эмне – учурдагы кырдаалга реакциябы, же ЖӨБдүн жөнгө салуучу механизмдерин өнүктүрүүдө узак мөөнөттүү прогресспи? Мындай жөнгө салуучу таасир тийгизүүнүн оң жана терс жыйынтыктарына баалоо жана болжолдоо жүргүзүлөбү? Эң негизгиси, жөнгө салуучу механизмдер социалдык мейкиндикте жана мезгил ичинде адамдардын жашоосун кантип өзгөртүп жатат? Бул мамлекет, ЖӨБ системасы жана калк ортосунда социалдык мобилдештирүүнүн алкагында өнүккөн өз ара мамилелер жана карама-каршылыктар.

Түрдүү сандык жана мазмундук салттуу вариацияларында (чогулуштар, жыйындар, коомдук угуулар) социалдык мобилдештирүү өзгөрүүлөргө дуушар болот жана жаңы муундагы адамдарда жаңы аспаптар пайда болгондуктан жарым-жартылай эффективдүүлүгүн жоготот. Сөз социалдык тармактар тууралуу жүрүүдө. Алар технологиялардан да жогору турган нерсеге айланышты. Социалдык мобилдештирүү ыкмасы боюнча, социалдык тармактар калкты мобилдештирүүнүн бардык салттуу ыкмаларынан ашып түштү. Социалдык тармактарды ЖӨБ системасына кантип ыңгайлаштырса болот? Интернет, уюлдук байланыш системасы көп сандагы социалдык топторду камтыган чоң социалдык мейкиндикке тарады жана бир кыйла ийгиликтүү иштеп жатат. Кыргызстанда интернет аймактын 43,7% жайылган. Маалымат жеткирүүнүн бул ыкмасын кантип колдонуп, социалдык мобилдештирүү максатында анын тийгизген таасиринин деңгээлин кантип жогорулатса болот?

Диалектикалык мамилеге ылайык баары өзгөрөт – жашообузду уюштуруу ыкмалары да, ой жүгүртүү образы да. ЖӨБ көйгөйлөрүн изилдөөгө карата диалектикалык ыкма салттуу аспаптардын алкактарынан чыгуу мүмкүнчүлүгүн берет. Ал эми интернет жана социалдык мобилдештирүүгө байланышкан мисал ЖӨБ көйгөйлөрүнө карата философиялык мамиленин практикалык маанисин көрсөтүп турат.

Философия дүйнөнү (анын ичинде ЖӨБдү) таануу ыкмасы катары аныктоого жана жаңыча баамдоого, ошондой эле бар болгон объективдүү карама-каршылыктар үчүн чечим табууга жардам берет. Анткени өнүгүү – бул карама-каршылыктарды чечүү дегенди билдирет. Кыргызстанда да, башка өлкөлөрдө да ЖӨБдү өнүктүрүүдө жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана тенденцияларды аныктап чыгуу – ЖӨБдү үйрөнүүгө карата философиялык мамиле мына ушунда жатат. Философиялык мамиле болуп жаткан процесстерди, алардын өз ара байланышын, мыйзам ченемдүүлүгүн, тенденцияларын түшүнүүнүн чек арасын кеңейтет. Прогресс – бул ЖӨБдүн абалын сүрөттөө эмес. Прогресс – бул ЖӨБдүн абалын жамааттын муктаждыктарын жана ЖӨБдүн өнүгүүсүнүн саясий, экономикалык жана социалдык реалдуулугун жана горизонтторун эсепке алуу менен өзгөртүү. Бул процесс ЖӨБ бар болгонго чейин токтобойт. Демек ЖӨБдүн философиялык көйгөйлөрү да кала берет.

Бул макала – философия категорияларында ЖӨБ тууралуу субъективдүү ой жүгүртүү. Макалада коюлган тезистер ЖӨБдүн учурдагы системасын түшүнүүнүн, баамдоонун жана үйрөнүүнүн жаңы деңгээлин калыптандыруу максатын көздөйт. Бул жерде ЖӨБдүн альтернативалуу элес системасын түзүү чоң мааниге ээ болуп турат: ал кандай болушу керек? Бул ЖӨБ системасын ичинде жана анын тышкы дүйнө менен мамилелеринде болуп жаткан процесстерди; ЖӨБдүн бүгүнкү күндө жетишилген сандык жана сапаттык параметрлерин баамдоо аракети. Мунун баары ЖӨБ тууралуу ушул жерде жана азыр актуалдуу, бирок бизди абсолюттук чындыкка жакындаткан салыштырмалуу чындыкты калыптандыруу үчүн зарыл.

[1] Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көйгөйлөрү жана белгисиздик абалы. Өнүктүрүү саясат институту. Сайтка шилтеме: http://golos.kg/?p=29534




# “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамга сандык баа берүү. Объект ыкмасы

**Медет СУЛТАМБАЕВ**, ӨСИнин Мониторинг жана баалоо боюнча адиси

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарга улам-улам өзгөртүүлөрдү киргизүү мыйзам жөнгө салуу предметине шайкеш келбей калганынан кабар берет. Ошондой эле балким мыйзамдын өзүнүн конструкциясы жана концепциясы ЖӨБ аббревиатурасында камтылган көрүнүшкө толук кандуу шайкеш болбой жатышы ыктымал. Мыйзамды жана аны жөнгө салуу предметин изилдөө өтө жетишпей турат. Ал болбогондо мыйзамдын иштиктүүлүгүн баалоонун блиц-усулдарын, мисалы, программалоодо колдонулган объект мамилесинин усулу[1] колдонууга аракет жасаса болот. Усул бардык суроолорго жооп бербесе да, мыйзамдагы кандайдыр бир сандык кесикти көрүүгө жол берет. Усулга ылайык, мыйзамдын объекттерге жана мыйзамдын мазмунуна тийгизген таасири азырынча анализдин алкагынын тышында кала берет. Анализ объект катары мыйзамдын өзүнө гана көңүлдү бурат.

Мыйзам баалоочу тарабынан “кескиленет” – составдык бөлүктөргө бөлүштүрүлүп, кайра чогултулат. Системалуу мамилени колдонуп, объекттерди бөлүп карап[2], объекттер ортосундагы байланыш түзүп, мыйзамды кайрадан бүтүн объект катары алып чыгабыз.

Ошондой эле анализдин контент усулу колдонулат, текст түрүндөгү маалымат анын предмети болуп эсептелет. Бул усул регулятор мыйзамдын тигил же бул беренесин иштеп чыгууда көздөгөн максаттарды аныктоого жардам берет.

[1] Программалоонун тилдери жана СБИС схемотехникасы / Кадзухиро Фути . – Москва: Мир, 1988 . – 223 бет:

[2] Объект – бул реалдуу дүйнөгө шайкеш келген структура. Ар бир объекттин абалы бар, так аныкталган жүрүм-турумга жана уникалдуу идентүүлүккө ээ. Атрибуттардын (касиети) жана алардын маанилери объектти мүнөздөйт.

Мыйзамда белгиленген жана мыйзам таасирин тийгизген объекттерди аныктоо биринчи кадам болуп эсептелет. Системанын өзөктүк объекттерин жана система менен байланышкан объекттерди таап, ошол объекттерди эсептеп чыгуу зарыл. Мыйзамда ЖӨБ органдарынын системасына өкүлчүлүктүү жана аткаруучу орган кире турганы көрсөтүлгөн[1]. Анткен менен бул көбүрөөк системанын бир бөлүгү болот. Ошондой эле системага жарандар (жамаат, калк) жана мамлекеттик, башка структуралар да кирет. Буга жараша дал ошол негиз болуп, анын тегерегинде мыйзамга андан ары баалоочу анализ жүргүзүү үчүн маалымат чогултуш керек болот.

Схемада көрсөтүлгөн ЖӨБ органдарынын системасы – бул система тууралуу жалпы, бүтүн элес. Жалпыдан жекеге өтүү сандык усулдарды колдонуу жолу менен жүзөгө ашырылат. Мыйзамга жасалган сандык анализдин маалыматтарынын натыйжасында 4 объект, мыйзамдын 11 главасы жана алардын мамилелерин орноткон 65 берене аныкталган. Сандык усул объекттерге карата Мыйзамдагы беренелердин санын эсептеп чыгууну караштырат (айыл өкмөтү, жергиликтүү кеңеш, жамаат жана мамлекеттик, башка структуралар).

Жөндөгүч сүрөттөгөн объекттер матрицага киргизилет. Бул матрица Мыйзамдан объекттерди гана эмес, ошону менен бирге алардын ортосундагы мамилелерди да бөлүп чыгууга жардам берген анын баалуулугун түзөт. Мыйзамда 2 өзөктүк объект (өкүлчүлүктүү жана аткаруучу орган) жана ЖӨБ системасына тикелей тиешеси бар 2 тышкы объект (жамаат жана мамлекеттик, башка структуралар) бөлүп каралган.

Объекттер ыйгарым укуктардын жана фнкциялардын белгилүү бир көлөмүн алып жүрүүчүлөр болуп эсептелинет. Объекттер жөндөгүч менен аныкталган. Баалоонун милдеттери – системага салып, алардын функциялары жана ыйгарым уктары реалдуулукка канчалык шайкеш келе турганын аныктоо. Мыйзамда көрсөтүлгөн объекттердин санын эсептеп чыгуу жана ар бир объект боюнча өз өзүнчө кылып матрицага мыйзамдардын беренелерин киргизүү үчүн матрицаны даярдоо бул кадамдын жыйынтыгы болуп эсептелет.

Мыйзамдардагы беренелерди матрицада объекттер боюнча бөлүштүрүү экинчи маанилүү кадам болуп эсептелет. Мыйзамда туш тарапка чачыратылган беренелерди функцияларды жана ыйгарым укуктарды алып жүрүүчүлөр боюнча чогултуп чыгуу зарыл. Мисалы, “4-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу” жамаатка тиешелүү. Анткени жөндөгүч жамаат кандай иш-аракеттерди жасай ала турганын сүрөттөйт. “9-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатындагы мамлекеттик саясат” “Мамлекеттик органдар” тик тилекесине киргизилет. Себеби мыйзамдын бул беренесинде жөндөгүч мамлекеттик бийлик органдары менен ЖӨБОнун чектешкен жерин сүрөттөйт.

Жөндөгүч ЖӨБ органдарынын принциптерин жана кепилдиктерин сүрөттөгөн беренелер бар. Мыйзамдын бул беренелери эки же андан ашык объекттерге тийиштүү. Алар анализден алып салынды, себеби көздөлүп жаткан абалды сүрөттөйт (1-2-берене).

***Беренелерди объекттер боюнча бөлүштүрүү үчүн матрица***

| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу (13 берене) | Жергиликтүү кеңеш (31 берене) | Айыл өкмөтү (22 берене) | Мамлекеттик орган (9 берене) |
|---|---|---|---|
| 4-берене | 6-берене | 6-берене | 1-берене |
| 5-берене | 11-берене | 8-берене | 3-берене |
| 7-берене | 12-берене | 11-берене | 8-берене |
| Статья 13 | Статья 15 | Статья 12 | 9-берене |
| Статья 14 | Статья 16 | Статья 16 | Статья 10 |
| Статья 15 | Статья 17 | Статья 17 | Статья 16 |
| Статья 55 | Статья 18 | Статья 18 | Статья 17 |
| Статья 56 | Статья 19 | Статья 19 | Статья 20 |
| Статья 57 | Статья 20 | Статья 20 | Статья 27 |

Өткөрүлгөн мындай классификациялоо мыйзамдын беренелери объекттер ортосундагы сандык мамилелерде кантип бөлүштүрүлгөнүн аныктоого жардам берет. Ошондой эле мыйзамда беренелердин сандык бөлүштүрүлүшү тигил же бул объекттин маанисин көрсөтүп турат. Мыйзамдагы беренелердин санын эсептеп чыгуунун натыйжасында жөндөгүч беренелердин көбүрөөк санын жергиликтүү кеңешке (беренелердин 42%) жана азыраак санын мамлекеттик органдарга (11,8%) киргизген 65 берене ЖӨБ органдарынын системасындагы мамилелерди жөнгө салат. Алардын ичинен беренелердин 42,2% жергиликтүү кеңештин; 28,9% айыл өкмөтүнүн; 17,1% жергиликтүү жамааттын; 11,8% мамлекеттик жана башка уюмдар менен органдардын ишин жөнгө салат. Мыйзамдагы беренелердин 71,1% жергиликтүү кеңеш менен айыл өкмөтүнүн мамилелерин жөнгө салат.




[1] Ст6-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасы

***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдын сунушталган структурасы***

| Колдонуудагы структура | Сунушталган структура (Объект мамилеси) |
|---|---|
| 1-глава. Жалпы жоболор | 1-глава. Жалпы жоболор |
| 2-глава. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптери, түзүмү жана уюштуруучулук негиздери | 2-глава. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин укуктук кепилдиктери |
| 3-глава. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелери жана мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү | 3-глава. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптери, түзүмү жана уюштуруучулук негиздери |
| 4-глава. Жергиликтүү кеңештердин ишинин уюштуруучулук-укуктук негиздери | 4-глава. Жамааттар жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу формалары |
| 5-глава. Мэр, шаардын мэриясы | 5-глава. Өкүлчүлүктүү орган (жергиликтүү кеңеш/шаардык кеңеш) |
| 6-глава. Айыл өкмөтү | 6-глава. Аткаруучу орган (Айыл өкмөтү/мэрия) |
| 7-глава. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкерди каттоонун тартиби | 7-глава. Мамлекеттик бийлик органдары жана ЖӨБО системасы менен өз ара мамилелер |
| 8-глава. Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу | 8-глава. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери |
| 9-глава. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн эркниетин тике билдирүү формалары | |
| 10-глава. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери | |
| 11-глава. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин укуктук кепилдиктери | |

Мыйзамдагы беренелердин 17% гана жергиликтүү жамаатка арналганы өзүнчө бир көйгөй болуп эсептелинет. Анткени дал ошол жергиликтүү жамаат – жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын негизги субъектиси болуп эсептелет. Идеалында дал ушул жергиликтүү жамаат мыйзамда өзөктүк ролду ойнош керек болчу. Бул үчүн ЖӨБ системасында жамааттын ролу тууралуу түшүнүктү өзгөртүү зарыл. Жамаат ЖӨБ органдары үчүн өзөктүк жумуш берүүчү катары чыгат. Жумуш берүүчү катары жамаатта ЖӨБ органдарына таасир тийгизүүнүн рычагдары болууга тийиш.

Өкүлчүлүктүү орган тургундардын пикирин эске алуу менен аймактын өнүгүүсүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоо ыйгарым укуктарына ээ болгон директорлор кеңешинин ролунда чыгат. Айыл өкмөт башчысы – бул айылдык аймактын жашоочуларынын турмуш шартын жакшыртуу үчүн ресурстарды натыйжалуу башкарышы керек болгон менеджер, башкаруучу. Жумуш берүүчү катары, жамаат, жарандардын ЖӨБдө катышуу инструменти аркылуу, ЖӨБ органдарынын саясатын аныктоого тийиш. Бул саясат өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдар аркылуу ишке ашырылат. Бул позициядан алып караганда жөндөгүч ЖӨБ жөнүндө мыйзамдын беренелерин түзүшү керек.

Главалардын структурасына жасалган анализ жана мыйзамдагы беренелердин өз ара байланышта болгону да талдоого жана талкууга жем таштап жатат. Мыйзамдын беренелерин түрдүү негиздер боюнча классификациялоо да мыйзамга анализ жасаганда кызыктуу жыйынтыктарды көрсөтүүдө. Мисалы, “7-глава. Жергиликтүү өз алдынча башкарунун аткаруучу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкерди каттоонун тартиби”. Суроо пайда болот: эмне үчүн айыл өкмөт башчынын кызмат ордуна талапкерди каттоо тууралуу жол-жоболук маселе өзүнчө главада каралган? Каттоо – бул концептуалдык маселе эмес, аны аткаруучу органдын ишин жөнгө салган маселелердин бири катары “Айыл өкмөтү” главасына кошууга деле болот.

“11-глава. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишинин укуктук кепилдиктери” концептуалдык мүнөзгө ээ. Бирок мыйзамды колдонуучулардын укуктук кепилдиктери тууралуу сөз жүрүп жатканда айрым суроолор кала берет: ким (эмне) ишке укуктук кепилдиктерди берет? Мамлекеттен айырмаланып, ЖӨБ органдарынын системасына жамаат кандай кепилдиктери берет?

7-берене жамааттарга катышуу укугун берип, өз эркин түрдүү формаларда билдирүүгө жол ачат. Ошентсе да аспаптардын сунушталган топтому – курултайлар, чогулуштар (жыйындар) депутаттарды шайлоо, ченем чыгаруучулук – ЖӨБ органдары үчүн пикирлерди эсепке алуунун гана аспаптарды (ченем чыгаруучулукту кошпогондо). Анын үстүнө жамааттын пикири болгону сунуш берүүчү мүнөзгө гана ээ. Ошондуктан сөз пикирлерди эсепке алуунун аспаптары гана жүрүп жаткандыктан же 7-беренени 9-главага кошуш керек, же болбосо жамаатка чечимдерди кабыл алуу процессине катышуунун реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн берүү менен радикалдуу түрдө аны өзгөртүш керек.

“13-берене. 2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутумуна кирбеген уюмдарга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын берилиши мүмкүн эмес” деген жери бир маанилүү эмес мамилени пайда кылат. 6-беренеге ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутумун жергиликтүү

кеңештер жана айыл өкмөтү түзөт. Анда 6-беренеге ылайык, ЖӨБ органдарынын системасына кирбей калган жамааттар өз кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн белгилүү бир ыйгарым укуктарды ала албай калабы? Анда аутсорсинг жана органдардын өз ыйгарым укуктарын механизм, мисалы, социалдык тапшырык аркылуу өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгү кандай болуп калат? Эмне үчүн мамлекет өз ыйгарым укуктарын ЖӨБ органдарына гана эмес, ошону менен бирге бейөкмөт уюмдарга да өткөрүп берүүгө укугу бар болсо, ЖӨБ айрым бир ыйгарым укуктарын жамаатка өткөрүп бере албайт? Бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу үчүн бийлик булагы катары жергиликтүү жамааттын статусуна карама-каршы келген жокпу?

***ЖӨБ жөнүндө Мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү динамикасы***




Жогоруда баяндалгандарды жана башка карама-каршылыктарды, суроолорду эсепке алуу менен, жалпы объект мамилесине негизделген мыйзамдын структурасы сунушталат. Мыйзамдын биринчи үч главасы жалпы бүтүн мамилелерди, өзөктүк идеяларды жана башка концептуалдык нерселерди сүрөттөшү керек. 4-7-главалар объекттерге, ыйгарым укуктарды жана функцияларды алып жүрүүчүлөргө арналууга тийиш. 8-глава ЖӨБ органдар системасынын ресурстук базасы менен байланышта.

Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор тууралуу маалымат базасын түзүү кийинки маанилүү кадам болуп эсептелет. Дагы бир нерсеге көз салып туруу маанилүү: убакыттын өтүшү менен ЖӨБО жөнүндө мыйзам кантип өзгөрүүдө? 2011-жылдан 2016-жылга чейинки мезгил үчүн жасалган сандык анализдин жыйынтыктары боюнча, мыйзамга 67 өзгөртүү жана толуктоо киргизилген.

Мыйзамга киргизилип жаткан өзгөртүүлөр жөнгө салуу предметине кандай өзгөрүүлөрдү алып келди?

Ошентип, мыйзамдын сандык анализине негизделген алдын ала субъективдүү тыянактары төмөнкүдөй иш-аракеттерди аткаруу зарылчылыгын пайда кылат:

- жөнгө салуу объекттеринин көз карашынан алганда мыйзамдагы главалардын структурасын кайра карап чыгуу;
- мыйзамдагы главалар жана беренелер ортосундагы өз ара байланышты түзүү;
- объекттер боюнча ыйгарым укуктарга жана функцияларга анализ жүргүзүү;
- объекттер боюнча аныктамаларга жана түшүнүктөргө анализ жүргүзүү;
- мыйзамдын беренелерин объекттер боюнча системалаштыруу.

Кайталайбыз, бул макалада үстүртөдөн жүргүзүлгөн формалдуу объект анализдин жыйынтыктары келтирилди. Мыйзамдагы беренелерге жасалган мазмундуу анализ узак анализди жана маалыматтарды иштеп чыгуу, классификациялоо ж.б. усулдарды талап кылат. Буга карабастан сандык маалымат беренелерге андан кийинки анализ жүргүзүү жана мыйзамды мазмундук жагынан системалаштыруу үчүн жакшы түрткү берет. Сандык анализ мыйзамдагы кемчиликтерди жана объекттер боюнча маалыматты структурага салуу зарылчылыгын көрсөтөт. Объект ыкмасын колдонуу менен мыйзамга жалпысынан мазмундуу анализ жасоо кийинки кадам болуп калышы керек.



# Муниципалитеттин жетекчисине: инженер болбошуң мүмкүн, бирок менеджер болууга милдеттүүсүң!

**Султан МАЙРАМБЕКОВ,** ЭҮЖӨБОЖБП Долбоорунун гранттар боюнча адиси

Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорунун (ЭҮЖӨБОЖ долбоору) Чакан гранттар программасын ишке ашыруунун алкагында 2016-жылы өткөн конкурстун жеңүүчүлөрү болуп табылган муниципалитеттер жергиликтүү маанидеги маселелердин алкагында социалдык инфраструктураны ремонттоо жана калкка кызмат көрсөтүү жаатында шарттарды жакшыртуу боюнча долбоорлорду аткарып жатышат же жыйынтыкташты.

Долбоорлорду ишке ашыруу процессинде муниципалитеттер бир катар чечилбей келе жаткан көйгөйлөргө туш болушту. Мисалы, кесипкөй адистердин – техникалык эксперттин, техникалык көзөмөл боюнча адистин, смета боюнча адистин, инженердин жоктугу. Конкурска муниципалитеттерден түрдүү багыттардагы долбоорлор түшөт. Алар: имараттардын, курулмалардын курулушу жана ремонту, суу түтүк системасынын ремонту, көчөлөргө жарык берүү, электр берүүчү линиялардын курулушу, ички жолдорду оңдоо ж.б. Бул долбоорлордун баарын аткаруу чоң көлөмдөгү бөтөнчө, адатта техникалык билимдерди талап кылат. Ал эми мындай билим ЖӨБ органдарына жетпей турганы маалым. ЖӨБ органынын жетекчисинин эң кеңири жайылган даттануусу мындай: "Биздин жергиликтүү жамаатыбызда артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн бири – айылда таза суунун жоктугу. Биз смета түзгөн адисти жалдадык. Ал таза суу долбоору боюнча бардык эсептерди жүргүзүп чыкты. Андан кийин биз айылдагы суу түтүк системасын оңдоо боюнча жумуштарды сатып алууга конкурс өткөрүп, подрядчыны тандап алдык. Подрядчы ремонт иштерин баштады. Бирок иш процесси маалында подрядчы долбоордун сметасы туура эмес түзүлгөнүн, смета боюнча жумуштарды аткаруу натыйжасыз болоорун, кошумча каржылоону талап кылган жумуштардын башка дагы түрлөрүн жасаш керектигин айтты. Натыйжада бизде каражат жетпей калып, биздин долбоор пландалган каржылоонун алкагынан чыгып кетти. Эми эмне кылабыз?".

Келтирилген мисалдын кеңири жайылганы долбоорлорду башкарууда маанилүү көйгөйдүн курчтугун мүнөздөйт – долбоордун сметасы туура эмес эсептелгени, жеринде кесипкөй смета адистеринин жоктугу. Бирок медалдын экинчи бети да бар: канча адис болсо, ошончо пикир да болот эмеспи. Түрдүү адистер ар кандай сметаны берет – мындай кырдаалда кимге ишениш керек? Практика көрсөткөндөй, бардык эле смета боюнча адистер өз милдеттенмелерине ак ниет мамиле жасай бербейт. Атүгүл муниципалитет жалдаган смета боюнча адис объектти бир дагы жолу көрбөстөн смета түзүп (объектке барган эмес), комиссия түзгөн дефекттүү актка ылайык иштеген учурлар да болгон. Натыйжада долбоордун сметасы чийки болуп, же жумуштун көлөмү көбөйтүлүп (азайтылып) көрсөтүлүп калган. Мындай учурларда ЖӨБ органдарына ишенимдүү адистерди жалдап, алардын буга чейинки иши тууралуу башкалардын пикирлери менен таанышып чыгууну сунуштай алабыз. Ушуну менен бирге кызматташтык тууралуу келишимде долбоордун сметасына өзгөртүүлөр киргизиле турган учурда тараптардын (смета адисинин) жоопкерчилигин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарбалык боюнча мамлекеттик агенттикте техникалык экспертиза өткөрүү үчүн жоопкерчиликти көрсөтүш керек. КР Финансы министрлигинин 2015-жылдын 14-октябрындагы №175-б буйругу менен бекитилген Стандарттык конкурстук документтердин талаптарына ылайык, жумуштарды бир этаптуу, эки этаптуу жана жөнөкөйлөтүлгөн усулдар аркылуу сатып алуу үчүн: "Сатып алуучу уюм курулуш иштерине конкурс жарыялаганга чейин курулуш боюнча ыйгарым укуктуу органда экспертизадан өткөн иштелип чыккан долбоордук-сметалык документтерге жана участоктун документине ээ болууга тийиш. Долбоордук-сметалык документтер курулуштун бардык негизги талаптарын жана принциптерин аныктоочу, ошондой эле курулуштун бардык этаптарын жана курулуш иштеринин түрлөрүн камтуучу курулуш ченемдерин жана эрежелерин (КЧжЭ) эсепке алуу менен иштелип чыгууга тийиш. КЧжЭны, анын ичинде курулуштун бюджетин аныктоо үчүн колдонулат".

Муниципалитет жалдаган жана Кыргыз Республи-

касынын мыйзамдарынын курулуш-ремонт иштери процесси карата талаптарына ылайык курулуш ченемдеринин жана эрежелеринин (КЧжЭ) сакталышы үчүн жоопту техникалык эксперттерге да белгилүү бир жоопкерчилик жүктөлүүгө тийиш. Бул болсо муниципалитет жетекчилери үчүн дагы бир "баш оорусу". Анткени тийиштүү классификациясы жана адистиги бар техникалык көзөмөл боюнча адисти табуу оңой эмес – жер-жерлерде мындай адистердин таңсыктыгы байкалат. Натыйжада тажрыйбасына жана квалификациясына карабай, кимди тапса, ошону жалдоого мажбур болуп жатышат. Практика көрсөткөндөй, муниципалитеттер жалдаган техникалык көзөмөл боюнча адистер дайыма эле өз милдеттенмелерин талап кылынгандай деңгээлде аткара беришпейт. Муну муниципалитеттер акы төлөп өткөргөн техникалык көзөмөлдүн "үстүнөн" ЭҮЖӨБОЖ Долбоору өткөргөн тышкы экспертизанын жыйынтыктары ырастап турат (таблицаны караңыз).

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору грант алган муниципалитеттер долбоорлорду ишке ашырганда аларга сметаны иштеп чыгуу жана техникалык көзөмөл жүргүзүү боюнча техникалык эксперттердин консультациялары түрүндө техникалык жардам көрсөтүп келет. ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жалдаган техникалык эксперттер муниципалитеттерге долбоорлордун сметаларына түзөтүүлөрдү киргизүүгө жардам берип, подрядчы уюмдардын курулуш-ремонт иштерин аткаруу сапатына көз салып, тапшырыкчы-муниципалитеттерге өз сунуштамаларын берип турушту.

Жогоруда келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай, муниципалитеттерге кесипкөй жана ак ниет подрядчылар дайыма эле туш боло бербейт. Алардын айрымдары ансыз да оор курулуш-ремонт иштерин аткарган учурда кандайдыр бир деңгээлде кыйынчылыктарды жаратып жатышат. Бул көйгөйдү чечүү үчүн ЖӨБ органдары конкурстук сатып алууларды өткөрүп жатканда подрядчы уюмга койгон квалификациялык талаптарга өзгөчө көңүл бурушу керек. ЖӨБ органдары бардык подрядчы талапкерлердин ичинен жакшы тажрыйбасы, кесипкөй адистери жана тийиштүү техникалык базасы бар подрядчы уюмду тандап алышы керек.

Чакан гранттар программасы боюнча ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жүргүзгөн иштердин натыйжасында төмөнкүдөй тыянактарды жасаса болот:

- долбоор боюнча уруксат берүүчү документтерди алууга өтө көп ашыкча убакыт кетип калууда;
- уруксат берүүчү документтерди берген уюмдар менен ЖӨБ органдарынын ортосунда байланыш начар;
- курулуш иштерине долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр жеринде көп сапаттуу эмес, тажрыйбасы бар тийиштүү адистер жетишсиз, мындай кызматтарды сапаттуу аткарган уюмдар жетишсиз.

Дагы бир көйгөй – курулушчулар да, бенефициарлар да коопсуздук техникаларын сакташпайт. Бул көйгөйдү чечүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына курулуш-ремонт иштери боюнча долбоорлорду ишке ашырганда бардык документтерди Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура жана курулуш боюнча мамлекеттик агенттиктин 2000-жылдын 13-ноябрындагы №112 буйругу менен бекитилген "Курулуш кесип ээлери үчүн эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы боюнча типтүү нускамалардын жыйнагынын" талаптарына шайкеш келтирүү сунушталат.

Практика көрсөткөндөй, тармактык мамилелерде көптөгөн кыйынчылыктар электр энергиясы менен байланышкан долбоорлордо пайда болот. Электр өткөрүүчү жаңы линиялардын курулушу же көчөгө жарык бергичтерди орнотуу боюнча долбоорлорду тандап жатканда зарыл болгон уруксат берүүчү документтердин төмөнкүдөй тизмегин колдонуу сунушталат.

- Жер участогун текшерүү актысы. Актыда РайСЭС (райондук санитардык эпидемиологиялык станция), АЭТКМИБ (Аймактык экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция башкармалыгы), РЭС, АКРБ органдарынын колтамгалары болуш керек.
- Объекттин топографиялык сүрөтү.
- Объекттин бекитилген сметаларын жана долбоордук бөлүгүн АКРБга (архитектура жана курулуш боюнча райондук башкармалыкка) жибериш керек.
- Техникалык корутунду – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарбалык боюнча мамлекеттик агенттиктен экспертиза.
- РЭСтен (райондук электр тармактары) техникалык шарттар.
- АКРБдан инженердик-техникалык шарттар.
- РЭСтен текшерүү актысы жана керектөөчүнүн электрорноткучтарын күйгүзүүгө жана өчүрүүгө наряд.
- АЭТКМИБден уруксат берген наряд.
- Ар кандай багыттагы жаңы объекттерди жана курулмаларды курган учурда зарыл болгон уруксат берүүчү документтердин төмөнкүдөй тизмеги болушу керек:
- Курулуш болжолдонуп жаткан жер участогуна укук берүүчү документ.
- Объекттин топографиялык сүрөтү.
- Болжолдонуп жаткан объекттин эскиздик долбоорун даярдоо.
- АПШ (архитектуралык-пландоо шарттары), эгерде объект чакан болсо ИТШ (инженердик-техникалык шарттар), же АКРБдан ИТТ (инженердик-техникалык тапшырма).
- ДСД (Долбоордук-сметалык документтер).
- ДСДны АКРБ, СЭК менен макулдашуу жана бекитүү.
- Техникалык корутунду – Кыргыз Республика-

сынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарбалык боюнча мамлекеттик агенттиктен экспертиза.
- РЭСтен (Райондук электр тармактары) техникалык шарттар.
- АЭТКМИБда объектти каттоо.
- АКРБдан жана АЭТКМИБдан курулушка уруксат алуу.

Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын жетекчилерине жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү, буга кошумча берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу милдеттери жүктөлгөн. Бул болсо жеринде муниципалитеттин жетекчилери бардык иштер менен алектенип жатканынан кабар берет. Муниципалитеттердин жетекчилери – инженерлер эмес. Бирок алар ар кандай кесиптик чөйрөлөрдөн адистерди тартып, жергиликтүү жамаатка сапаттуу кызматтарды көрсөтүү боюнча жумуштарды уюштуруу менен менеджер болууга тийиш.

| **Долбоордун аталышы** | **Туура тамактануу – жакшы билимдин кепили (мектеп ашканасынын ремонту жана жаңы жабдууларды сатып алуу)** |
|---|---|
| **№1 көйгөй** | **Ашкананы электр менен жабдуунун бир линиялуу схемасы жок** |
| Сунуштамалар | КР Өнөр жай, энергетика жана отун ресурстары министрлигинин 2007-жылдын 21-июнундагы №55 буйругу менен бекитилген электр орнотмолордун керектөөчүлөрдүн ТЭЭ (Техникалык эксплуатациялоо эрежелери) жана ТКЭ (Техникалык коопсуздук эрежелери) Э1.4., Э1.4.6., Э1.4.7.-главаларына ылайык, төм. колдонулат: - ПР-2 жана ПН-2 тибиндеги сактоочторду, жылуулук жана электрмагниттик бөлүштүргүч жана магниттик өткөрүүчү бар ВА 47-29, ВА 47-63, ВА 53-41 тибиндеги автоматтык ажыраткычтарды. Ашкананы электр менен жабдуунун бир линиялуу схемасын түзүп, жабдуулардын өзгөчөлүгү сүрөттөлсүн. РЭСтен электрге кошулууга ТШ (техникалык шарттар) алынсын. |
| **№2 көйгөй** | **Мектептин ВРУ-1ге келген ашкана жабдуусунун азыктандыруучу электр кабели жабдуулардын ток жүктөмдөрүнүн кесилишине (16 мм) жана кубаттуулугуна шайкеш келбейт. Ашкананын жалпы эсептик кубаттуулугу Р=58 кВт болгондуктан, жүктөмдүн тогу І=120 А барабар, кабелдин кесилиши 50 мм кем болбош керек.** |
| Сунуштамалар | ВРУ-1 мектебинин жертөлөсүнөн келген, ашкана жабдуусунун кесилиши 16 мм азыктандыруучу кабелин АВВГ 3x50 + 1x35 мм үлгүсүндөгү 50 мм кем эмес кесилиштеги кабелге алмаштырылсын. Өткөргүчтөрдү обочолотуунун жерге киргизилген жана каршылыгынын контуру текшерилсин. |
| **Долбоордун аталышы** | **Дмитириевка айылында көчөгө жарык берүү** |
| **Көйгөй** | **Долбоордун сметасына жабдуулардын жана материалдардын саны киргизилген эмес, жабдуулардын жана материалдардын өзгөчөлүгү (модели, тиби) жок, кошумча нарк салыгы жана сатуудан алынган салык көрсөтүлбөй калган.** |
| Сунуштамалар | Долбоордун сметасына жабдуулардын жана материалдардын саны боюнча маалыматтар толукталып, жабдуулардын жана материалдардын модели жана тиби көрсөтүлсүн, кошумча нарк салыгы жана сатуудан алынган салык жазылсын. |
| **Долбоордун аталышы** | **Маданият үйүнүн чатырын алмаштыруу жана ремонт иштери** |
| **№1 көйгөй** | **Объектте жүргөн иштердин сапатына компания жетекчилиги тарабынан жетиштүү контролдун жоктугу. Квалификациялуу адистердин жана инженердик-техникалык кызматкерлердин жоктугу.** |
| Сунуштамалар | Тапшырыкчы тарабынан техникалык көзөмөл инженери объектте ремонттук-курулуш иштеринин аткарылышын контролдош керек. Жумуштардын сапаты канааттандырбаса, ишти токтотуп, кайра жасап чыгуу зарыл. Мындай учурда бардык чыгашаларды подрядчы компания көтөрөт. Келишимдеги милдеттенмелер тийиштүү аткарылбаган учурда компанияга айып санкциялары колдонулары тууралуу подрядчы компаниянын жетекчисин кабарландыруу зарыл. |
| **№2 көйгөй** | **Бийиктикте жумуштар коргоочу кур такпастан жасалууда. Курулуш жиптери дубалга эски электр чубалгылары менен бекитилген. Квалификациялуу адистердин жоктугунан улам жумуштардын сапаты канааттандырарлык эмес. Коопсуздук техникасы боюнча журнал толтурулган эмес. Көрсөтмө берген жооптуу адамдын колтамгасы жок. Электр алеттери коопсуздук талаптарына жооп бербейт. Узарткычтар сайгыч тешиктерге ачык жаткан чубалгылар менен кошулат.** |

| | |
|---|---|
| Сунуштамалар | Объекттеги бардык документтер толтурулсун. Ачык электр чубалгыларын колдонууга тыюу салынсын. Желдетүүчү шахталар менен чатыр кошулган бардык жерлер алмаштырылсын. Чатырдын тосмо дубалдарынын четтерине цинктелген болот кагаздары чаптались. Электрмонтаж жумуштарын квалификациясы бар адистер жасашы керек. |
| **Долбоордун аталышы** | **"Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратын оңдоо"** |
| **Көйгөй** | **Жылуулатуучу системаны алмаштыруу боюнча газ-ширетүүчү жумуштар өрт коопсуздугу боюнча эрежелерди бузуу менен жүргүзүлдү. Бардык бөлмөлөрдө дубалдарда жана полдордо күйүктүн издерин көрүүгө болот. Чоюндан жылытуучу алеттер өз ордуна орнотулган эмес.** |
| Сунуштамалар | Ширетилип жаткан трубалар менен жыгач полдор ортосунда күйбөй турган коргоочу экран орнотуу керек. Жумушчуларды өрт өчүрүүчү каражаттар менен камсыздоо зарыл. Эски терезелердин жыгач блоктору коридорго чогултулган экен. Аларды имараттан чыгаруу зарыл. |
| **Долбоордун аталышы** | **"Балдар биздин келечегибиз", мектептин ремонту боюнча долбоор.** |
| Көйгөй | Жаңы козырёк орнотулган. Козырёктун (калканчтын) төбөсүн жаба турган материалы – боелгон профлист. Бул жумуштар өтө орой жана тыкан эмес жасалган. Профлисттердин монтажы тегиз эмес болуп калган. Үйдүн чатыры толугу менен чуңкурайып калган. |
| Сунуштамалар | Козырёктун чатырындагы чуңкурайган жерлердин баарын оңдоп чыгыш керек. Козыректо чыгып турган профилдик металл трубаларын кесип чыгуу зарыл. Мектеп имаратында курулуш-монтаж иштери маалында колдонуудагы талаптарга ылайык, жумуштар жүрүп жаткан аймакты тосмолош керек. |

# Кочкорбаев АА: жаңыланган суу мунарасы

**Зироф САИДОВ,**
"Таза суу – ден соолуктун кепили" долбоорунун жетекчиси,
Кочкорбаев айылдык аймагынын ТКЧ боюнча башкы адиси

Кочкорбаев айылдык аймагынын Буденовка айылында суу мунарасынын башкы имараты 1965-жылы курулган. Ошондон бери суу мунарасынын жабдуулары бир кыйла эскирген. Буденовка айылындагы эки көчөдө жана айылдын чет жакасында таза суу болгон эмес. Ошондой эле суу басымы начар болгондуктан көп жерлерге таза суу жетпей жаткан. Трубалар эскирип, абалы начар болчу. Мунара ачык тургандыктан ал жакка таштанды кошулуп, жашоочулар да ооручу. Мунарадан сууну ага жакын жайгашкан мектеп колдонуп, суу ичкен балдар да ооруп калчу. Суу менен жабдуу системасын оңдоо маселелери менен алектенчү квалификациялуу адис да, жарылып кеткен трубаларды өз убагында оңдоо үчүн техника да болгон эмес.

Суу мунарасын оңдоо жана ага жанаша аймактарды абаттоо маселеси жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) боюнча иш-чараларды өткөргөн маалда артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн катарында аныкталды. Кочкорбаев муниципалитетинин айылдарында жамаат муктаждыктарын аныктоого баары болуп 387 киши, анын ичинде 158 аял катышты. Кочкорбаев АА Кеңеш айылынын ЖМБА-фокустопторунун 27 катышуучусу, анын ичинде 12 аял таза суу көйгөйүнүн төмөнкүдөй себептикнатыйжа байланышын аныкташты: эски трубалар, адистердин жана акчанын жоктугу оорулардын көбөйүшүнө, жолдордун эскиришине алып келди.



2016-жылдын 5-февралында Кочкорбаев айылдык аймагында артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоо боюнча айыл тургундарынын чогулушунда үч долбоор сунушталган. Бул долбоорлорду ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасынын конкурсуна катышуу үчүн демилгелүү топтор сунуштады. Алар: таштанды чыгаруу үчүн шарт түзүү боюнча долбоор, Кеңеш жана Буденовка айылдарына жарык берүүнү камсыздоо боюнча долбоор жана Буденовка айылынын жашоочуларын таза суу менен камсыздоо боюнча долбоор. Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча үч көйгөйдүн ичинен элеттиктер эң актуалдуусун – суу мунарасын оңдоо жолу менен Буденовка айылынын жашоочуларын таза суу менен камсыздоо шарттарын жакшыртуу боюнча долбоорду тандап алышты. Андан соң бул долбоор Чакан гранттар программасынын конкурсунан да ийгиликтүү өттү.

Долбоордук иштердин башталышы узарып кетти. Себеби жумуштарды сатып алууларга конкурсту төрт жолу жарыялоого туура келди. Буга подрядчы уюмдардын квалификациясы талапка жооп бербегени себеп болду. Натыйжада соңку конкурстун жыйынтыктары боюнча “Катаган” ЖЧК компаниясы жеңүүчү деп табылып, бардык жумуштарды аткарды. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу да бул процесске катышып, жумуштардын сапаттуу аткарылышына көз салып турушту. Гранттык долбоордун алкагында суу мунарасы алмаштырылып, бактерициддик жабдуу орнотулуп, мунаранын тегерегине тосмолор курулду.

Долбоордун жалпы баасы 1 272 006 сомду түздү. Анын ичинен 1 млн. сомду ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасы берсе, 272 006 сом жергиликтүү бюджеттен бөлүндү. Гранттык долбоорду ишке ашыруу процессинде жумуштарды сатып алуулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы талаптарга ылайык жүзөгө ашырылды. Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашыруу боюнча ЭҮЖӨБОЖ Долбоору уюштурган тренингден өтүштү.

2017-жылдын 12-январында Буденовка айылында “Таза суу – ден соолуктун кепили” аттуу гранттык долбоорду жыйынтыктоо боюнча расмий иш-чара өттү. Ага жергиликтүү тургундар, активисттер жана жергиликтүү кеңештин депутаттары чакырылды. Аталган иш-чарада депутаттар таза сууну үнөмдүү колдонуу тууралуу маселени өз көзөмөлүнө алууга убада беришти. Себеби айрым жашоочулар таза сууну сугат үчүн колдонуп жатышат. Мунун айынан суу басымы азайып, башка жашоочулар суусуз калууда.

Бирок кыйынчылыктар жалпынын кубанычын жууп кете алган жок. Анткени жалпынын аракети менен оңдолгон суу мунарасы Буденовка айылынын калкын таза суу менен камсыздады. Бул долбоордун жардамы менен эми айылдагы балдар да оорубайт! М

# Кызыл-Октябрь АА: “кайра калыбына келтирилген” “Кызыл Октябрь Келечеги” бала бакчасы



**Динара БАЙМУРАТОВА,**
“Кызыл-Октябрь Келечеги” бала бакчасынын башчысы,
Кызыл-Октябрь айылдык аймагы

Кемин районунун Кызыл-Октябрь айылында жигердүүлүгүнүн арты менен жана айылдагы көйгөйлөргө кайдыгер карабагандан улам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү тургундар менен биргеликте каражат таап, “Кызыл-Октябрь Келечеги” бала бакчасын оңдой алышты.

Бала бакчанын имараты 1974-жылы курулган. Ал Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнүн балансында 2010-жылдан бери турат. Бала бакчаны “калыбына келтирүү” боюнча жумуштар 2008-жылы эле башталган. Бала бакча ачылган учурда 1 тайпа иштечү. Бирок бала бакчага болгон суроо-талап өскөн сайын улам жаңы тайпалар ачылып турду. Ушул тапта 5 тайпа бар, ал эми бала бакчада жалпысынан 137 бала бар.

Бала бакча курулган учурдан бери ага капиталдык ремонт жасалбагандыктан имараттагы көйгөйлөр бир топ эле болуп калган. Терезелерди жана каалгаларды текшере келгенде жаракалар байкалып, жакшы жабылбай, айрым жерлерин көк басып, бузула баштаган. Имараттагы терезелерде тешиктер болгондуктан балдар ойногон бөлмөлөр суук тартып турчу. Кыш маалында бала бакчанын кызматкерлери терезелерди скотч менен чаптап, колдон келишинче жылуулаганга аракет жасап келишти. Бөлмөлөр суук болгондуктан балдар көп ооруп, бакчага келе албай калышчу. Бул болсо өз кезегинде ата-энелерге да түйшүк жаратып, алар төлөнбөгөн эмгек өргүүсүнө чыгып, оорулуу баласын карап үйдө отуруп калышчу. Бул дагы үй-бүлөнүн капчыгын бир кыйла кагып койчу.

2016-жылдын кыш мезгилинде ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасы кезектеги конкурсту жарыялады. Программа жергиликтүү жамааттын турмуш шартын жакшыртууга багытталган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары сунуштаган долбоорлорду каржылайт. Калктын ти-

келей катышуусу менен артыкчылыктуу долбоорду аныктап алуу конкурстун негизги талабы эле.

Ошентип айыл өкмөтү жергиликтүү жамаат арасында конкурс тууралуу маалыматты жайылтты. Артыкчылыктуу долбоорду тандап алууну жашоочулар этап-этабы менен өткөрүштү. Биринчи этапта ар бир айылдан демилгелүү топтор чогулуштарды өткөрүп, ар бир айылдын артыкчылыктуу долбоорун аныктап чыгышты. Ошентип, Ак-Бекет айылынын тургундары добуш берүүгө дарыкананын курулушун койсо, Жел-Арык, Чолок жана Кыз-Күйөө айылдарынын жашоочулары таза жана сугат суу менен камсыздоо системасына капиталдык ремонт жасоо, үч айылдын жаштары үчүн Жел-Арыкта футбол талаасы, айылдын аймагын жашылдандыруу, ошондой эле “Кызыл-Октябрь Келечеги” бала бакчасынын жыгач терезелерин жана каалгаларын алмаштыруу көйгөйлөрүн добушка коюшту. Кошумчалай кетүүчү нерсе, үч айылдын жашоочулары тең балдарын дал ушул бала бакчага алып келишет. Дорожное жана Саз-Булак айылдарынын тургундары айылдагы ички жолдорду оңдоо, Маданият үйүнө капиталдык ремонт жасоо, “Кызыл-Октябрь Келечеги” бала бакчасынын эски жыгач терезелерин жана каалгаларын алмаштыруу маселелерин негизги артыкчылык катары тандашты. Жалпы чогулушта аймактын жашоочулары добуш берүү жолу менен “Кызыл-Октябрь Келечеги” бала бакчасында ремонт жасоо боюнча долбоорду колдошту.

Ошентип, артыкчылыктуу долбоорду аныктап алгандан кийин бардык талап кылынган документтер даярдалып, жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражаттан кошо каржылоо аныкталып, өтүнмө конкурска жиберилди. Көп өтпөй муниципалитет конкурста жеңүүчүлөрдүн бири болгону, 1 000 000 сом көлөмүндө грант утуп алганы тууралуу кубанычтуу кабар келди. Натыйжада долбоордун бюджети 1 118 960 сомду түзүп, анын 118 960 сому жергиликтүү бюджеттен бөлүндү.

Грант алгандан кийинки кадам сатып алууларды өткөрүү, аткаруучуну аныктоо жана жумуштарды баштоо болуп калды. Электрондук мамлекеттик сатып алуулар порталында конкурс эки жолу өткөрүлдү. Себеби конкурстун катышуучулары талапка жооп бербегендиктен, биринчи конкурс жокко чыгарылды. Экинчи конкурстун жыйынтыгы боюнча, “Уладиан” ЖЧК жеңүүчү деп табылды. Бул компания белгиленген мөөнөт ичинде эски терезелерди жана каалгаларды чыгарып, жаңыларын орнотту.

Гранттык долбоордун алкагында аткарылган жумуштардан тышкары жергиликтүү бюджеттин эсебинен дагы чоң көлөмдөгү жумуштар жасалды: жылытуучу система орнотулуп, от жагуучу жай курулуп, чатыр оңдолуп, канализациялык кудуктар жана трубалар, линолеум полу алмаштырылып, бала бакчанын фасадына жеңил ремонт жасалып, жалюзи орнотулуп, шып декор менен жабылып, пинтус жана босоголор орнотулду. Кошумча жумуштардын жалпы суммасы 1 538 858 сомду түздү.







Жергиликтүү тургундар да четте карап турбастан, бөлмөлөрдү коздогонго жардамдашып, парда тигип беришсе, жергиликтүү ишкер бала бакчага 25 керебетти белекке берди.

Мына ушундай жумуштардын арты менен наристелерди окутуу, тарбиялоо жана көңүлдөрүн ачуу үчүн ыңгайлуу жана жайлуу шарттар түзүлдү. Бул шарттар тарбиячыларга окуу-тарбия процессин жогорку деңгээлде уюштурууга жардам берди. Бул иштердин натыйжасында бала бакча “Кемин районундагы мыкты бала бакча” жана “2016-2017-ж.ж. окуу жылына мыкты даярдык” номинациялары боюнча биринчи орундарды ээледи. ЖӨБ органдарынын, бала бакча жамаатынын жана аймак тургундарынын биргелешкен аракеттери менен бул мекемени балдар жакшы көргөн сонун жерге айландыра алышканын жамааттын бардык мүчөлөрү белгилешти. М

# "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

Өнүктүрүү саясат институтунун жана ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси **Нургуль ЖАМАНКУЛОВА**



## ЖӨБ органдары чечим кабыл алып жатканда жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуу боюнча Чүй облусунун муниципалитеттери үчүн тренингдер өттү

2016-жылдын 22-ноябрынан 30-ноябрына чейин өткөн тренингдер жергиликтүү бюджеттин каражаттарын бөлүштүрүүнү кошкондо жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечимдерди кабыл алууда ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуусу үчүн шарттарды түзүү боюнча аларга көндүмдөрдү үйрөтүп, билим берүү максатын көздөдү.

"Жалпысынан жүзгө жакын киши катышып, алардын арасында айыл өкмөтүнүн (АӨ) аппаратынын өкүлдөрү, айылдык кеңештин (АК) депутаттары, Демилгелүү топтордун (ДТ) жана Биргелешкен мониторинг жана баалоо (БМжБ) топторунун мүчөлөрү болушту, - деп билдирди тренер, "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун жарандардын катышуусу боюнча адиси Айнура БАЛАКУНОВА. – Теория жана практикадан турган тренингдердин жүрүшүндө фокус-топторду өткөрүү, ЖМБА жыйынтыктарына жана биргелешкен аракеттер планынын ишке ашырылышына, ЖМБА фокус-топторун пландоого анализ жасалды".

Тренингдердин натыйжасында катышуучулар 12 максаттуу муниципалитеттер боюнча ЖМБА фокус-топторунун графиктеринин жана текшерүүчү барактарынын долбоорлору даярдалды. Бул максаттуу муниципалитеттерде ЖМБА фокус-топторун уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чаралар пландалган.

Жайыл районунун Ак-Башат айылдык аймагынын БМжБ тобунун мүчөсү Талант БЕКТУРГАНОВдун айтымында, тренинг аларга өз укуктарын жана милдеттерин билүүгө жардам берди: "Тренингдерге катышуу менен, биз АӨнүн ролун, депутаттардын ыйгарым укуктарын жана жамаат-

тардын укуктарын мурдагыдан да жакшы түшүнүп калдык”. Чүй районунун Бурана айылдык аймагынын БМжБ тобунун төрайымы Гульмира АБДРАЗАКОВА буга чейин АӨ ишине кызыкчу эмес экен: “Окуунун жүрүшүндө жарандык билим алып, АӨ өткөргө иш-чараларга көп катыша баштадым жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иши тууралуу көбүрөөк билип калдым. Бул болсо мени жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлигимди көрсөтүүгө түрткү берди”.



# Пресс-сессия. ЖӨБ: коммерциялашуу – бул дотациядан чыгуунун жолу эмес

Кыргыз Республикасында 453 айыл өкмөттүн басымдуу бөлүгү дотацияда турат. Ошондуктан жергиликтүү башкаруу органдарынын алдында экономикалык жактан тың болуу өңдүү оор тапшырма турат. Муниципалдык кызматчылар гана эмес, ошондой эле өкмөт өкүлдөрү да муниципалдык ишканаларды түзүү бул маселени чечмек деп ойлошот. Суктанарлык, бирок жаңылыш ой! Акыркы учурларда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары абаттоо, кызмат көрсөтүү, социалдык маселелерди чечүү боюнча жарандар алдындагы өз милдеттенмелерин аткаруунун ордуна өндүрүштүк-коммерциялык ишканаларды түзүп, акча табуу процессине тикелей аралаша баштагандыктан эксперттер коңгуроо кага башташты: мындай тенденция жакшылыкка алып келбейт.

Бул көйгөйдүн олуттуулугун жана актуалдуулугун эсепке алуу менен, Өнүктүрүү саясат институту эки долбоордун алкагында (“Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” (PSI, ХЕЛВЕТАС менен консорциумда) долбоору жана Швейцария Өкмөтү каржылаган «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” (VAP) долбоору) бул теманы кеңири талкууга алып чыгууну чечти. 6-декабрда ӨСИнин жыйындар залында “ЖӨБ жана бизнес: кооптуу тенденция” аттуу пресс-сессия өттү.

Журналисттердин алдында “Бийликтин коммерциялашуусу – жарандарга «жалган» камкордук” темасына даярдалган баяндама менен эксперт Асылбек ЧЕКИРОВ сүйлөдү. Анын айтымында, пайданын артынан түшкөн ЖӨБ органдары жергиликтүү бюджеттен каражаттарды жарандардын турмуш шартын жакшыртуу өңдүү тикелей максатынан буруп, коррупциялык схемаларды түзө баштады. Бул көрүнүш кооптуу масштабга жетти (бул тууралуу кененирээк “Муниципалитет” журналынын 2016-жылдагы чыгарылышынан окуй аласыз).

Мисалы, ЖӨБдүн биринде айылдык управа бюджеттен 5 млн. сом каражат сарптап, ресторан курган. Башка аймактарда да МТС жана башка бизнес-объекттер түзүлүп жатат. Ошону менен бирге ЖӨБ органдары “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө”, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”, Мыйзамдарынын, Жарандык кодекстин жоболорун көңүл сыртында калтырып коюушууда. Бийликтин коммерциялашуусу ЖӨБдүн чыныгы багытына көө сүйкөп, бюджеттен олуттуу каражаттарды буруп, коррупциялык схемалардын пайда болушуна көмөктөшүп жатат. Асылбек ЧЕКИРОВдун баамында, муниципалдык ишканалар жеке бизнес менен атаандаша алышпайт. Анткени белгилүү бир нормативдерди сактап, бардык көрсөтүлгөн салыктарды чегерүүгө милдеттүү. Аймактарда жеке ишкер адатта өз ишмердүүлүгүн патент боюнча жүзөгө ашырып, эмгек акысын жумушчу менен келишим түзүү менен белгилей алат ж.б.

Ал эми муниципалдык ишканалар, эрежеге ылайык, начар башкарылат, кызматкерлерде пайда үчүн иштөөгө мотивация жок. Ошол эле маалда мындай структураларда коррупциялык схемалар түзүлөт. Бул факторлордун баары акыр аягында ишкананы банкроттукка жетелеп, жергиликтүү бюджетке олуттуу зыян тийгизүүдө.

Пресс-сессиянын темасы катышуучулар арасында кызыгууну жаратып, баяндамачынын сөздөрү көп учурда суроолор жана талкуулар менен коштолуп турду. Сессиянын соңунда журналисттер уюштуруучуларга кайрылып, бул маселеге сөзсүз түрдө кайрадан кайтып келүүнү өтүнүштү.

М



# Бюджеттер аралык мамилелер чөйрөсүндө коррупцияга каршы туруу: жыйынтык барбы?

2016-жылдын 9-декабрында "Бюджеттер аралык мамилелер чөйрөсүндө коррупцияга каршы туруу" темасына пресс-сессия өттү.

Пресс-сессиянын жүрүшүндө КР Финансы министрлигинин өкүлдөрү министрликтин коррупцияга каршы туруу боюнча 2016-жылга карата иш-чаралар Планын жана анын ишке ашырылышынын жыйынтыктарын тартуулашты.

КР Финансы министрлигинин коррупцияга каршы туруу бөлүмүнүн башчысы Жибек ДҮЙШЕЕВАнын айтымында, План боюнча 7 бөлүккө кошулган 50 иш-аракет пландалган:

- Коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруунун ченемдик-укуктук жана уюштурууучулук камсыздалуусу (17 иш-чара),
- Коррупциянын тармактык шарттарын жана себептерин, коррупциялык тобокелдиктерди жана аларды жок кылуу боюнча механизмдерди аныктоо (1 иш-чара),
- Кадрдык камсыздоо жана чектөөлөр менен тыюу салуулардын сакталып жатканын контролдоо системасын өркүндөтүү, мамлекеттик кызматта кызыкчылыктар кагылышын аныктоо жана жок кылуу (5 иш-чара),
- Министрликтин ишинде ачыктыкты жогорулатуу жана маалыматтык айкындуулукту камсыздоо (15 иш-чара),
- Министрликтеги коррупцияга каршы туруу процессине жарандык коом институттарын тартуу (3 иш-чара),
- Коррупцияга каршы түзүлүштөр жана кызматкерлер арасында коррупцияга каршы жүрүм-турумга үгүт жүргүзүү (6 иш-чара),
- Мамлекеттик кызматта ак ниет башкаруу жана этикалык стандарттарды жайылтуу (3-иш-чара).

Бул Пландын аткарылышына алгачкы антикоррупциялык мониторинг КР Финансы министрлигинин Коомдук кеңешинин, Өнүктүрүү саясат институту жана "Ачык-айкын бюджет үчүн" альянсы" КЮЛ өкүлдөрүнүн катышуусу менен жүргүзүлдү. Мониторинг КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 12-февралындагы №44-б буйругу менен бекитилген Коррупцияга каршы мониторингдин жана баалоонун Методологиясына ылайык жүргүзүлдү.

КР Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин директорунун орун басары Сүйүнтбек МУСУРАЛИЕВ Кыргыз Республикасында мамлекеттик сатып алуулар системасындагы коррупцияга каршы туруу темасына баяндама жасады. Анын маалыматына ылайык, коррупциялык иш-аракеттер негизинен сатып алууларды пландоо, конкурстук документтерди түзүү (конкреттүү катышуучуларга талаптарды иштеп чыгуу), сатып алынчу товарларга/жумуштарга/кызмат көрсөтүүлөргө башынан эле жогорулатылган бааларды коюу процессинде, конкурстук өтүнмөлөрдү баалоо жана келишимди администрациялоо процедурасында башталат.

"Коррупциялык схемаларды алдын алуу жана алар менен күрөшүү максатында укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү боюнча иштер жасалып, www.zakupki.gov.kg порталы аркылуу Электрондук сатып алуулар усулу киргизилди жана КР Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик сатып алуулар департаменти тарабынан мамсатып алууларга туруктуу мониторинг жүргүзүлүп турат. Ошондой эле биз мамлекеттик сатып алууларга мониторинг жана талдоо жүргүзүү, Порталдын функцияларын жакшыртуу жана кеңейтүү, Порталды Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын электрондук системалары менен интеграциялоо боюнча туруктуу негизде жумуштарды жасап турабыз. Көзөмөл жана укук коргоо органдары менен биргелешкен иштер жасалат. 2016-жылдын 9 айы ичинде аныктама кат түрүндө 45, түрдүү суроо-талаптар, түшүндүрмөлөр боюнча 57 корутунду берилди, - деди ал.

Борбордук казыналыктын директорунун орун басары Нукеш КОЖОБЕРГЕНОВ катышуучуларга бюджеттик каражаттарды алуучунун Картасы (БКА Картасы) тууралуу айтып берди. Бул Картаны жайылтуу боюнча долбоор КР Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, КР Улуттук банкы, "БАПБ" ЖАК (Банктар аралык процесстик борбор) жана "Инфо-Система" менен биргеликте ЭЛКАРТ улуттук банк картасынын базасында ишке ашырылып жатат.

"ЭЛКАРТ төлөм карталарын чыгаруу, тейлөө жана коштоо Кыргыз Республикасынын аймагында жүзөгө ашырылат, бул болсо коопсуздуктун зарыл болгон деңгээлин камсыздайт. Ушул тапта ЭЛКАРТ системасынын тикелей катышуучулары болгон коммерциялык банктар менен катар КР Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы да бул системага кошулду. БКА Картасы бюджеттик уюмдар үчүн нак акча алуунун эффективдүү жана ыкчам механизми катары КР ФМ Борбордук казыналыгынын системасында накталай формада бюджеттик уюмдардын чыгашаларын эсепке алууну автоматташтыруунун деңгээлин жогорулатуу максатында чыгарылууда, - деп билдирди Н. КОЖОБЕРГЕНОВ.

"Ачык бюджет" порталы жана КР Финансы министрлигинин сайты аркылуу ачык маалыматтар менен кантип иштесе боло турганы жөнүндө ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адиси Назира ТЮЛЮНДИЕВА айтып берди. Кыргызстандын айылдык аймактарынын жергиликтүү бюджеттеринин чыгашалары жана кирешелери боюнча маалыматтардын мисалында ал аталган сайттарда маалымат табуу канчалык жеңил жана жөнөкөй болгонун көрсөтүп берди.

Баяндаманын соңунда журналисттер аларды кызыктырган суроолорго жооп алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Суроолор негизинен мамсатып алууларга, БКА Картасына жана дем берүүчү гранттарга тиешелүү болду.

# Чүй облусундагы алты айылдык аймак үчүн муниципалдык сайттар түзүлдү

2016-жылдын 19-декабрында Бишкекте Чүй облусунун алты айылдык аймагы үчүн жасалган муниципалдык сайттарды башкаруу жана редакциялоо боюнча Кириш семинар өттү. Иш-чаранын жүрүшүндө муниципалдык сайтты иштетүүнүн теориялык бөлүгү жөнүндө маалымат берилди. Андан кийин катышуучулар муниципалитеттин сайтын өз алдынча башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

Семинарга беш муниципалитеттен ЖӨБ органдарынын кызматкерлери катышты: Ак-Башат (Жайыл), Гроздь (Аламүдүн), Юрьевка (Ысык-Ата), Күн-Туу жана Кызыл-Туу (Сокулук). Муниципалдык сайты бар алтынчы муниципалитет – Панфилов районунун Фрунзе аймагы.

"Бул муниципалитеттер Долбоордун алкагында биздин максаттуу өнөктөштөрүбүз болуп эсептелинет, - деп айтты ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары Сабина ГРАДВАЛЬ. – Буга чейин алар 2006-жылдын 28-декабрындагы №213 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болгон маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө" КР Мыйзамынын талаптарын аткаруу үчүн өз сайттарын ачып берүү өтүнүчү менен Долбоорго кайрылышкан эле. Анын үстүнө муниципалдык сайт – бул жамааттын муктаждыгы гана эмес, ошону менен бирге жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы үчүн ресурс да болуп эсептелет. Өз сайтын түзүү менен ЖӨБ органдары кызматкерлеринин компьютердик сабаттуулугунун деңгээлин жогорулатууга жардам беришет. Мындан тышкары сайттар ЖӨБ органдарына жергиликтүү жаңылыктарды улуттук жана эл аралык деңгээлдерге чыгарып, өз жетишкендиктери тууралуу башкаруунун жогорку органдарына, башка муниципалитеттерге, кеңири коомчулукка жеткирүүгө көмөктөшөт".

Семинарды сайттарды даярдаган компаниянын – Weltkind студиясынын өкүлү Якова ЮДИНА өткөрдү.








# Өз миссиясын баамдай алганы – төртүнчү бийликтин күчү

**Лариса ЛИ,** ӨСИнин медиа-эксперти

Ишин баштаган алгачкы күндөн тарта Өнүктүрүү саясат институту заманбап коомдун жашоосунда массалык маалымат каражаттарынын ролун жана маанисин түшүнгөн. Бул кубаттуу ресурсту уюмдун иши, өлкөдө жана аймактарда болуп жаткан экономикалык жана саясий процесстер тууралуу коомду маалымдоонун булагы жана аспабы катары гана кабыл алган эмес. ӨСИ үчүн медиа көбүрөөк даражада тең укуктуу өнөктөш болгон жана ошол бойдон кала берүүдө. Медианын катышуусуз актуалдуу тапшырмаларды аткаруу, масштабдуу долбоорлорду ишке ашыруу эч качан мүмкүн болбойт.

Төртүнчү бийликтин өкүлдөрү менен достошуп, кызматташкан жылдар ичинде уюмда журналисттердин кандайдыр бир тобу түзүлүп калгандай болчу. Бул журналисттер аймактык экономиканын оошкыйыштарын мыкты чечмелегенди өздөштүрүп, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көйгөйлөрүн кесипкөй чагылдырып, республиканын эң алыскы аймактарында жашаган адамдардын турмушу жана тиричилиги тууралуу кызыктуу баяндап беришет.

Дал ошондуктан жыл этегинде өз ишинин жыйынтыгын жөн гана чыгарып койбостон, муну мүмкүн болушунча эсте кала тургандай уюштуруу каалоосу өкмөттөн тартып карапайым адамга чейин – дээрлик баарында пайда болгон чакта Өнүктүрүү саясат институту 2016-жылдагы соңку тегерек столун пайдалуу да өткөрүүнү чечти. Ушундан улам тегерек стол “Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун айкындуулугун күчөтүүдө ММК менен жергиликтүү жамааттын кызматташуусу: мүмкүнчүлүктөр, механизмдер, маалымат булактары” темасына арналды. Тегерек стол Швейцария Өкмөтү каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун алкагында өттү.

Алыскы аймактар кантип өзгөрүп, ЖӨБдо кандай оң өзгөрүүлөр орун алып, аймактардагы адамдардын саясий жана экономикалык аң-сезими кантип өсүп жатканы тууралуу көп жылдан бери

жазып, айтып, тартып, көрсөтүп келаткан журналисттик жамааттар ӨСИнин бул темага баарлашуу сунушуна ошол заматта макул болушту. 23-декабрда өткөн тегерек стол талкуусуна Чүй, Талас, Баткен, Ош, Нарын, Жалал-Абад облустарынан, Бишкектен журналисттер, ошондой эле эл аралык жана коомдук уюмдар менен бирикмелерден, борбор калаадагы жогорку окуу жайлардан өкүлдөр болуп жалпысынан элүүдөн ашык киши катышты.

Жамааттык ММК ассоциациясынын башчысы Назира ЖУСУПОВА башында турган, өздөрүн “элдик журналисттер” деп атаган топту өзгөчө белгилегибиз келет. “Элдик журналисттер” деген аныктама туура келет жана адилеттүү деп эсептейбиз. Анткени Назира ЖУСУПОВАнын айтымында, бүгүнкү күндө айылдарда негизги жана жалгыз маалымат булагы – телевизор. Мындай шарттарда карапайым элеттиктер – окуучулар, студенттер, кызматчылар кабарчы, жаңылыкчы жана баяндамачы катары өздөрүн сынап жатышат.

Тегерек столдун көпчүлүк катышуучулары үчүн жамааттык ММК түрүндө дагы бир оюнчунун медиа талаасына чыгышы чыныгы ачылыш болду. Бул борбордогу кесиптештер үчүн гана эмес, ошону менен бирге облустук жана шаардык басылмалар менен компанияларда иштеген аймактык журналисттер үчүн да жаңылык болду. ЖӨБ органдары үчүн да жамааттык ММКнын иштеп келатканы ачылыш болушу ыктымал.

Союз ыдырагандан кийин калктын идеологиялык тарбиясы менен эч ким алектенбей калган. Жергиликтүү басылмалар маалымат тутумунун эң чабал чынжырына айланган. Акча жоктугунан жана бийлик тарабынан көңүл бурулбагандыктан райондук гезиттер, радио, басмаканалар ишин токтоткон. Аймактардагы жаңылыктардын баары Бишкекке жетип, борбор калаа негизги кабарчыга айланып калган.

Элет жергеси мындай абалга моюн сунуп бергендей сезилген. Анткен менен жашоо “Ыйык жер бош калбайт” деген элдик лакап сөз канчалык акыйкат болгонун дагы бир жолу ырастап койгондой болду. Маалыматтык боштукту жаңы медиалар толтурушту.

Ушул тапта Кыргызстандагы жамааттык ММКлар – бул мультимедиялык сайттар, порталдар, радио. Баса, элдик кабарчыларды техникалык жабдуу жана окутууда эки жылдан бери ӨСИ жардам берип келатат. Анын башчысы Надежда ДОБРЕЦОВА элдик кабарчыларда чоң дараметти көрүп турат. Себеби элеттик журналисттерде энтузиазм жана чыныгы кызыгуу байкалат. Алар сыйакы үчүн эмес, көйгөйдү көтөрүп чыгып, аны чечүү үчүн жооптуу адамдарга жетүү максатында дайыма жаңылыктарды издеп, депутаттар жана аткаминерлер менен маектешишет. Алар жердештери үйүндө эмнелер болуп жатканын билип, өз айыл өкмөтүнүн, кичи Мекенинин тагдырына жигердүү катышуусу үчүн жан үрөп келатышат.

Жамааттык ММКнын феноменин тегерек столдун катышуучуларынын баары белгилеп, коммуникация төмөндөн жогору карай көтөрүлөрүн айтышты. Муну “Сары-Булуң” ЖМБдан Анара МААМАТОВА, Айжан УСЕНКАНОВА (“Миң-Дөбө” ЖМБ), Айжамал КУБАНЫЧБЕКОВА (“Талас Медиамост” ЖМБ), Медер БЕЙШЕЕВ («Улахол» ЖМБ), ошондой эле алардын кесиптештери Жанар АЛГОЖОЕВА жана Бакытбек САПАРКУЛОВ да тастыкташты. Алар өз материалдарында таза сууга тарифтер, элдик каада-салттар, жерге аяр мамиле жасоо, жергиликтүү жамааттарда жаңжалдуу кырдаалды жөнгө салуу өңдүү көйгөйлөр тууралуу жазышарын айтып беришти. Элдик кабарчылардын айтымында, алар калкка терс да, оң да көрүнүштөр тууралуу айтып беришет. Мисалы, башкаларга үлгү болсун деп, жердештеринин ийгиликтери тууралуу айткандан тажашпайт.

– Биз эл менен бийлик ортосундагы көпүрөбүз, - деди сүлүктүлүк журналист Бакытбек САПАРКУЛОВ. – Эгерде кайсы бир маселенин артынан түшсөк, анда аны ЖӨБ органдарына жеткиргенге аракеттенебиз. Эгерде алар жооп кайтарбаса, бул темага кайра-кайра кайта беребиз.

Өз ишинде ушундай эле ыкманы 13 жылдан бери иштеп келаткан таластык жамааттык ММК да колдонот. Айжамал КУБАНЫЧБЕКОВА сыймыктануусун жашырбастан, облуста 53 элдик кабарчы бар





экенин айтты. Өз кезегинде Назира ЖУСУПОВА баяндамасында “алардын” жаңылыктары “Акипресс” жана “Клооп” өңдүү маалымат агенттиктеринде барган сайын көп чыгып жатканын белгиледи. Жамааттык ММКлар сүрөттөп берген элет турмушундагы сюжеттер, кызыктуу фактылар менен “Азаттык” жана “Биринчи радио” да бөлүшүп турат. Элеттик кабарчылар менен борбордогу кесиптештеринин мындай кызматташтыгы баары үчүн пайдалуу. Себеби бул кызматташтык элеттеги кабарчыларга жаңы сенсацияларды издөөгө жана кесибин мыкты өздөштүрүүгө дем берсе, борбордогу журналисттер Бишкектин тышындагы дүйнөнү мындан да кеңири жана толук кабылдоого мүмкүнчүлүк алышты.

Тилекке каршы, көптөгөн басылмалар мындай медиалардын чоң дарамети тууралуу кабарсыз калууда. Элдик кабарчылар менен кызматташтык алардын гезиттеринин, журналдарынын, сайттарынын мазмунун бир кыйла байытмак. Ошондуктан Надежда ДОБРЕЦОВА абройлуу ММКнын жетекчилерин жамааттык ММКнын продукциясына көңүл буруп, аларды алыскы аймактардагы маалымат булактарынын бири катары колдонууга үндөдү.

– Жалпы өлкө үчүн болгондой эле биз үчүн да 2016-жыл оңой болгон жок. Ошол эле маалда узап бараткан жыл жараткыч жана жемиштүү болду. Ийгиликтерибизди жана жеңиштерибизди республикадагы журналистик жамааттар менен достугубузга жана кызматташтыгыбызга байланыштырабыз. Өнөктөш журналисттер элет жергелери кантип өзгөрүп, ЖӨБдө кандай оң өзгөрүүлөр болуп жатканы, аймактардын жашоочуларынын саясий жана экономикалык аңсезими кантип өсүп жатканы тууралуу көп жылдардан бери жазып, айтып, тартып, көрсөтүп келе жатышат, - деди ДОБРЕЦОВА. – Биз салттуу да, жамааттык да ММКлар жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери тууралуу чоң көлөмдөгү маалыматтын генераторлору болуп эсептелине турганын билебиз. Ошол эле маалда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин мындан дагы ачык-айкын жана адилеттүү кылуу максатын көздөгөн бул процессте алар өнөктөш.

Талкууда дагы бир актуалдуу тема козголду – мамлекеттик сатып алуулар порталынын жардамы менен мамлекеттик жана муниципалдык ресурстардын башкарылышы боюнча мониторинг процессине журналисттердин катышуу зарылчылыгы тууралуу маселе. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун бул маселе боюнча эксперти Рамиль ЯРМУХАМЕДОВ бул жаңы ресурс кантип иштеп жатканын, кайсы жарыяларга биринчи кезекте көңүл буруш керектигин, шылуундар кандай жылчыктарды колдонуп кетиши ыктымалдыгын айтып берди. Адис бүгүнкү күндө мамсатып алуулар порталынын жардамы менен ар бир адам өкмөт эмнелерге жана кантип акча каражаттарын сарптап жатканын, тендерлерде ким көбүрөөк өтүп жатканын, кандай шарттар менен утуп жатканын көзөмөлдөй аларына катышуучулардын көңүлүн бурду.

Ошондой эле катышуучулардын назарына “Мамлекеттик (муниципалдык) сатып алууларга жана сатууларга коомдук мониторинг: Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик сатып алуулар боюнча расмий порталынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин сайтындагы






"Муниципалдык кыймылсыз мүлк рыногу" бөлүмүнүн маалыматтарын пайдалануучунун колдонмосу" аттуу басылма сунушталды. Рамиль ЯРМУХАМЕДОВдун айтымында, бул кайсы бир деңгээлдеги көрсөтмө жарандарга, жарандардын демилгелүү топторуна, бейөкмөт уюмдарга, массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнө, бизнес өкүлдөрүнө, мамлекеттик органдарга жана ЖӨБ органдарына алар жүзөгө ашырып жаткан сатып алуулар канчалык ачык-айкын болгонун билүү үчүн колдонмо менен таанышып чыгуу пайдалуу болот.

Жерлерди жана кыймылсыз мүлк объекттерин менчиктештирүү же сатуу иштери менен алектенген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерине колдонмо менен таанышып чыгуу өзгөчө маанилүү. Анткени алар түзүп жаткан бүтүмдөр тууралуу маалымат коомчулук үчүн жеткиликтүү болгонун баары эле биле бербейт.

Рамилге суроолор өтө көп болду. Журналисттердин кызыгуусун түшүнсө болот. Акыркы учурда республикада "журналисттик иликтөө" жанры жигердүү өнүгүп жатат. Борбор калаадагы айрым кабарчылардын билүүгө ынтызарлыгынын жана эрктүүлүгүнүн арты менен күмөндүү тендерлердин чоо-жайы жана алардын жеңүүчүлөрү, министрликтердин жана ведомстволордун бюджеттик каражаттарды натыйжасыз сарптап жатканы тууралуу белгилүү болду. Мындай чуулгандуу иликтөөлөрдө маалыматтын башкы булагы дал ушул мамсатып алуулар порталы болууда.

Порталдын дагы бир жакшы жагы – бу жерде расмий маалымат жарыяланат, ал эми аны колдонуу журналист үчүн коопсуз. Анткени ал эч нерсени ойлоп тапкан жок, сандарды асмандан алган жок. Болгону маалыматты өз убагында жана туура эсептей алды.

ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун адиси Азамат МАМЫТОВдун Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексине (БАМИ) арналган баяндамасы өтө пайдалуу болгонун эркин журналист Гульмира ТЫНАЛИЕВА белгиледи.

– Мен үчүн бул таптакыр жаңы түшүнүк, - деп айтты ал макаланын авторуна. – Анткени биз айкындуулук өңдүү көрүнүш тууралуу өтө көп жазабыз. Ал эми аны кантип өлчөп, жергиликтүү органдар канчалык ачык болгонун, бюджетти сарптап жатканда эч нерсени жашырбаганын, кандай кирешелер бар болгонун кантип көрө алабыз?

Журналисттин айткандарына башка катышуучулар да кошулушту. Алар бул тема өзүнчө семинар түрүндө өтүш керектигин, анткени кабыл алууга жеңил эместигин кошумчалашты. Ал арада Азамат МАМЫТОВ айкындуулук индексин кандай критерийлер аныктай турганын, ким жана кантип аны колдоно аларын, ал ЖӨБ органдарына эмне берээрин түшүндүрдү.

Адистин пикири боюнча, эң негизгиси, БАМИ калктын ишенимин арттырып, инвестиция тартуу, жергиликтүү казынага салыктарды жана жыйымдарды чогултууну жакшыртып, финансыны башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатууга оң таасирин тийгизүүсү үчүн жагымдуу шарт түзөт.

Талкуунун жүрүшүндө жамааттык жана салттуу ММК менен биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун (БМжБТ) өнөктөштүгүнүн зарылчылыгына чоң көңүл бурулду. Чүй облусунун Фрунзе (Панфилов району) жана Таш-Мойнок (Аламүдүн району) айылдык аймактарынын БМжБ топторунун өкүлдөрү мониторинг жүргүзүү боюнча тажрыйбалары менен бөлүшүп, мониторингдин максаттары жана тапшырмалары, чет өлкөлүк донорлордун жардамы менен ишке ашырылып жаткан долбоорлор тийгизип жаткан таасир тууралуу айтып беришти. БМжБ топтору ММК үчүн жакшы маалымат булагына айлана алат. Анткени адатта дал ушул топтор жамааттагы көйгөйлөр тууралуу биринчилерден болуп коңгуроо кагышат. Мисалы, муниципалдык объекттин курулушундагы мыйзам бузуулар же мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү коррупция тууралуу БМжБ топтору айтып чыгышат. Анткен менен БМжБ топторунда ММК менен иш алып баруу көндүмдөрү жокко эсе, алар кимге кайрылыш керектигин жана кандай маалымат журналисттер үчүн кызыктуу болорун биле беришпейт. Бул иш-чара ушундай кызматташтык жолундагы алгачкы кадам болду. Бирок бул кызматташтык туруктуу жана жемиштүү болушу үчүн дагы көп нерселер жасалышы керек.

Көтөрүлгөн көйгөйлөрдүн катарында Надежда

ДОБРЕЦОВАнын “Жарандар акчасын эсептешет” аттуу баяндамасы да болду. Сөз кайрадан ЖӨБ органдарынын тескөөсүндө турган ресурстарды – тагыраак айтканда жерлерди жана мүлктөрдү башкаруу тууралуу жүрүүдө. Бул ресурстар – жергиликтүү бюджетке чоң пайда алып келиши мүмкүн болгон активдер. Бирок аларды туура башкарып, пайдалуу боло тургандай сатып же ижарага берген учурда гана киреше түшөт.

– Тигил же бул айыл өкмөтү реалдуу баасы бир кыйла жогору болгон жерди, же муниципалдык имаратты арзан сатып жибергенин укканда абдан кейийсиң, - деп өкүнүчүн жашырган жок Н. ДОБРЕЦОВА. – Ар бир экинчи ЖӨБ органы муниципалдык менчикке байланышкан операцияларга карата коюлган талаптарды бузат. Албетте, мындай операциялардын айрым катышуучулары коррупциялык жолго түшкөнү маалым. Бирок экономикалык сабатсыздык да буга себеп экени жашыруун эмес.

ӨСИ жетекчилери көтөрүп чыккан көйгөйлөр жандуу талкууну жана талаш-тартыштарды жаратты. Журналисттер темалардын актуалдуулугун сезип, аны кантип окурмандарына сунуштаса боло турганын ойлонуп калышты. “Для Вас” гезитинин башкы редактору Елена ЖОЛОБОВАнын айтымында, калган муниципалдык менчиктердин тагдыры аймактагы ММК үчүн чети оюла элек тема.

– Бишкектик журналисттер үчүн дагы бул маанилүү, - деп кошумчалашты анын кесиптештери Александр НИКСДОРФ жана Токторбек ДЖАНАЛИЕВ. – Кыймылсыз мүлккө жана жерге байланышкан күмөндүү бүтүмдөрдүн тегерегинде канча деген журналисттик иликтөөлөрдү жүргүзсө болот.

Тегерек столдун соңунда “Интерньюс” өкүлчүлүгүнүн Кыргызстандагы грант менеджери Валентина ГАЛИЧ сөз сүйлөдү. Анын “Контент менен алмашуу” аттуу баяндамасы да жергиликтүү жамааттардын, салттуу жана жамааттык ММКнын кызматташтыгына арналды. Эксперт контент менен алмашып туруунун техникалык жана чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле медиага уникалдуу маалыматтык медиа продуктка эркин жеткиликтүүлүктү камсыздаган интернет платформа тууралуу айтып берди.

Андан тегерек столдун катышуучулары техникалык пландан алганда Кыргызстандын, Казакстандын жана Тажикстандын медиасына Google Drive кампасына эшик ачылганын, бул кампага ар ким өз контентин сактай алаарын, ошол эле жерден өз эфиринде колдонууну пландап жаткан кесиптештердин материалдарын жүктөй алышарын билишти. Валентина ГАЛИЧ 2016-жылы мындай чыгармачыл маалымат алмашуу кантип ишке ашканын көрсөтүп берди. Бул – Борбор Азия аймагындагы атайын репортаждардын сериясы, актуалдуу темалар боюнча маектешүүлөр.

2017-жылга пландар мындан да кеңири. Бул пландар өзүнө өлкө ичиндеги коомдун турмушуна жана аймактагы кырдаалга таасирин тийгизген саясаттагы, экономикадагы, социалдык турмуштагы актуалдуу темаларды жана тенденцияларды чагылдыруу менен апталык тейбл-ток циклин камтыйт. Ошондой эле бир серверде каалаган телерадиокомпаниянын архивин да сактаган улуттук депозитарийди түзүү планы бар.

Төртүнчү бийликтин өкүлдөрүндө жумушуна байланыштуу ушундай “шеринелери” көп болбой турганын белгилей кетүү зарыл. Ошондуктан тегерек столдун катышуучулары “кичи Мекеним” деп атап жүргөн элет жергесиндеги адамдардын турмушун кесипкөйлүк менен көрсөтүп, айтып берүү үчүн кызматташтыктын келечегин талкуулап алуу мүмкүнчүлүгүн бергени үчүн уюштуруучуларга ыраазычылыгын билдиришти.

